Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЭНЕ ТИЛИ 3 ЖАНА ОКУУ САБАТТУУЛУГУ

## 1-БӨЛҮК

**Жалпы орто билим берүүчү мектептеринин 3-классы үчүн окуу китеби**

**Жаңы басылым**

**Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги басууга сунуш кылган**

**ТАШКЕНТ – 2022**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 811.512.154(072)
КБК 81.2(5Кир)я72
Э 65

*Түзүүчүлөр:*
А. Тойчубаева, А. Юнусалиева, А. Зулпихаров,
Г. Шерматова, М. Куганова

*Пикир жазгандар:*
**М. Темирова** – *Андижан мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты багытынын доценти, филология илимдери боюнча философия доктору (PhD);*
**М. Сулайманова** – *Андижан мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты багытынын улук окутуучусу;*
**Д. Саттаркулова** – *Ташкент облусунун Паркент районунундагы 33-жалпы билим берүүчү мектептин башталгыч класс мугалими.*

Эне тили жана окуу сабаттуулугу, 3-класс [Текст]: окуу китеби (1-бөлүм) / А. Тойчубаева [жана башк.]. – Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. – 144 б.

ISBN 978-9943-7811-2-2

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

- **– Окуп түшүнүү**
- **– Угуп түшүнүү**
- **– Суроолорго жооп бер**
- **– Сүрөт менен иштөө**
- **– Грамматикалык тапшырма**
- **– Макал**
- **– Сабактын аягы**
- **– Оюн**
- **– Күлкүлүү жоруктар**
- **– Табышмак**

*Оригинал макеттин дизайн концепциясы Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелген.*

*Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.*

ISBN 978-9943-7811-2-2
© Республикалык билим берүү борбору, 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

## 1-БӨЛҮМ. МЕН, СЕН, АЛ ЖАНА АЛАР


Эгемендүүлүк аянты . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6
Эгемендүүлүк жана изгилик монументи . . . . . . . . . . . . . . . . . 8
Шыктуу балдар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10
Үч жаштуу музыкант. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10
11 жашында 7 нерсени ойлоп тапкан бала. . . . . . . . . . . . . . . 12
Жаш химиктер. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 13
Коомдук автоунаалар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 16
Эрежени сактагын. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17
Силер да улгаясыңар. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 19
Метродо. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 22
Бышыктоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 24


## 2-БӨЛҮМ. ТАБИЯТТЫН БЕРЕКЕЛЕРИ


Өзбекстандын өзгөчө табияты . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26
Жер эне . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 27
Өзбекстанда күз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 28
Күз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 29
Түшүм майрамы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Ала карга . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 31
Ким алдыда, ким артта? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 33
Бака менен чаян . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 34
«Таранчы» . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 38
Сагызган менен түлкү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 39
Сур коён . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 43
Антарктида – муз падышалыгы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 48
Пингвин . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 49
Антарктидадагы аба-ырайы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 50
Антарктидадан кат аудиотекстин ук . . . . . . . . . . . . . . . . . . 51
Дүйнө океандары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 52
Кызыктуу сабак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 54
Береке дарыясы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 56
Аккан суу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 59
Бышыктоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 60


## 3-БӨЛҮМ. ТАЗАЛЫК – ДЕН СООЛУКТУН КЕПИЛИ


Тазалык – ден соолуктун кепили . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 63
Кандайча туура тамактануу керек? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 65
Тазалык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 66
Эрте мененки тамак – ден соолукка пайдалуу . . . . . . . . . . . 68


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Күн тартибиңди сакта . . . 70
Вирус деген эмне? . . . 73
Пандемия жоголсун . . . 75
Сен менин каарманымсың . . . 76
Табиятты сактайбыз . . . 80
Токойлор жердин көркү . . . 81
Жаратылышты коргоо . . . 82
Үчөө эмне үчүн дос боло алышпайт? . . . 85
Акбардын дарагы . . . 87
Нуркыз жөнүндө жомок . . . 90
Аюу кантип таманын соруп калган? . . . 92
Витаминдер . . . 94
Токой эненин аптекасы. . . . 95
Витамин деген эмне? . . . 98
Бышыктоо . . . 100

## 4-БӨЛҮМ. КЕСИБИМ – СЫЙМЫГЫМ

Жалкоолук – жаман илдет . . . 102
Кумурска менен жалкоо . . . 103
Кесиптер жөнүндө . . . 106
Ар бир кесип ардактуу . . . 107
Ким болсом экен? . . . 108
Күкүктүн жалкоолугу . . . 109
Жээренченин баласы . . . 113
Көк жалбырактар . . . 116
Баласы менен атасы . . . 117
Тамарка . . . 119
Чоң эне менен Петрик . . . 120
Ар кимдин эмгеги өзүнө кымбат . . . 122
Амалкер коён . . . 124
Бышыктоо . . . 126

## 5-БӨЛҮМ. ИШКЕРДҮҮЛҮК

Ишкердүүлүк . . . 129
Менин атам ишкер . . . 130
Жети казына . . . 132
Сүттөн эмне жасалат? . . . 133
Бал аарынын сыры . . . 135
Түлкү менен аары. . . . 136
Буудай жөнүндө жомок . . . 140
Тегирмен . . . 141
Баба дыйкан . . . 142

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-БӨЛҮМ.
# МЕН, СЕН, АЛ ЖАНА АЛАР







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК АЯНТЫ



**Эгемендүүлүк аянты** – Ташкенттин борбордук аянты. Башкалаа калкынын массалык салтанаттары жана башка иш-чаралары өткөрүлүүчү жер. Өзбекстан, Навоий жана Шараф Рашидов көчөлөрүнүн аралыгында, Анхор каналынын жээгинде жайлашкан. Аянт чарчы көрүнүшүндө курулган. Ал Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишкенге чейин түрдүү аталыштар менен аталып келген. 1992-жылдан баштап Эгемендүүлүк аянты деп атала баштаган. Ал түзүлүшү жагынан түштүктөн түндүктү карай созулган ансамблди түзөт. Ансамбль архитектуралык стили жана көлөмү боюнча бир бүтүндү түзгөн башкаруу имараттарынан турат. Бир нече жолу реконструкцияланган. Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин, Эгемендүүлүк монументи (1992) орнотулду.



Эгемендүүлүк аянтындагы туурасынан кеткен жол Эскерүү аянтына (1998) алып барат. Бул аянттагы эстелик жергиликтүү архитектура салттарынын негизинде катарлашкан кооз мамы-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лардан жасалган. Анын дубалдарында китептин барактары көрүнүшүндө 1941–45-жылдардагы согушта курман болгон Өзбекстандын эр уулдарынын тизмеси берилген.

«Кайгылуу эне» айкелинин алдында согушта курман болгондордун элесине орнотулган түбөлүктүү от күйүп турат.

Эгемендүүлүк аянтынын алдында ошол аталыштагы метро станциясы да бар. Аянт ар түрдүү дарактар жана гүлдөр менен көрктөндүрүлгөн.

**1. Эгемендүүлүк аянты жөнүндө эмнелерди билип алдың?**
**2. Аянт качан Эгемендүүлүк аянты деп атала баштаган?**
**3. Эмне үчүн айкел «Кайгылуу эне» деп аталат?**




Тексттеги созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү таап, айтып бер.

Созулма үндүүлөрдү сөздүн башына, ортосуна жана аягына коюп, өзүңдүн мисалдарыңды жаз.

«Сөздөн сөз жаса» оюну.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Э | Г | Е | М | Е | Н | Д | Ү | Ү | Л | Ү | К |

## МЕКЕН ДЕГЕН ЭМНЕ?

Тууган жердин турпагын,
Эч жандык жок жериген.
Кескелдирик кете албайт,
Мээ кайнаткан чөлүнөн.

Ойнойт мухит суусунда,
Ала боор пингвин.
Алмаштырбайт түштүккө,
Ызгаар суук түндүгүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бүркүт конот аскага,
Кенен жайып канатын.
Кыргоол сүйөт айрыкча,
Калың камыш арасын.

Жыргап жашайт бөкөндөр,
Кең талаада бозоргон.
Тоңкулдактар узабайт,
Карагайлуу токойдон.

Өрдөк үчүн – көлмөсү,
Булбул үчүн – чарбагы.
Мекен делип аталат,
Мекендеген аймагы.

*Токтосун Самудинов*

**1. Ырды үн кубулжутуп, көркөм окуганды үйрөн.**
**2. Кайсы жаныбар кандай жерди мекендешин айтып бер.**
**3. Дептериңе үйдө «Мен мекендеген жер» деген темада чакан аңгеме жаз.**

Ырдагы удаалаштык негизинде сүрөттөрдүн тартибин тап.





Бадалдуу арал, бадалдуу арал,
Бадалдуу аралда оттойт бала марал.

**Көк менен жазылган сөздөргө тыбыштык талдоо жүргүз.**

## ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖАНА ИЗГИЛИК МОНУМЕНТИ



Эгемендүүлүк жана изгилик монументи – Ташкент шаарындагы Эгемендүүлүк аянтына орнотулган архитектуралык-көркөм комплекс. Өзбекстан эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарында (1992) аянтта орнотулган эстелик Эгемендүүлүк монументи

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

деп аталган. Символ иретиндеги Жер шарында Өзбекстан Республикасынын картасы чагылдырылган бул эстелик дүйнөнүн картасынан эгемендүү Өзбекстан мамлекетинин бекем орун алганын туюнтат. 2005-жылдын 28-декабрында ушул монументтин алдына перзентин бооруна алып отурган боорукер өзбек аялынын образы – Бактылуу эне айкели орнотулду. Эгемендүүлүк монументи, Бактылуу эне айкели жана Изгилик аркасы ак килем көрүнүшүндөгү кең жол менен бирге бүтүн ансамблди түзөт. Эгемендүүлүк жана изгилик түшүнүктөрүн символикалык түрдө шайкештикте туюнткан ушул эстелик Эгемендүүлүк жана изгилик монументи деп аталды.

Эгемендүүлүк аянтынын коомдук-саясий турмушубузда ээлеген орду жана мааниси өтө чоң. Бул жерде Өзбекстан Республикасынын жалпы элдик майрамдары жана мамлекеттик көлөмдөгү башка салтанаттуу аземдер өткөрүлөт. Эгемендүүлүк жана изгилик монументинин астына элдин, уюмдардын атынан гүлдөр коюлат.

**1. Эгемендүүлүк жана изгилик монументи деген эмне?**
**2. Символ иретинде эмне чагылдырылган?**
**3. «Бактылуу эне» айкели качан орнотулган?**

Кайсы сүрөттө Жер шарында Өзбекстан Республикасынын картасы чагылдырылган? Бул эстелик кандай аталат?







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Төмөнкү макалдардын кайсы бири мекен жөнүндө айтылган?

| | |
|---|---|
| Күч бирдикте. | Мекенсиз адам – үнсүз булбул. |
| Эл ичи – өнөр кенчи. | Ырыс алды ынтымак. |
| Ата – мекен, эне – нур. | Жигитке жетимиш өнөр аз. |

Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп жаз. Сөздөрдөгү созулма үндүүлөрдү айтып бер.

| | |
|---|---|
| эгемендүү | бактылуу эне |
| шаар | салтанаттуу |



## ШЫКТУУ БАЛДАР

Шыктуу балдар жөнүндө уккансыңбы?
Шыктуу балдардан кимдерди билесиң?

### ВУНДЕРКИНД

Өзгөчө шыктуу балдар – коомдун чоң байлыгы. Тарыхта аты калган не бир таланттуулар кичинекей кездеринде эле өзгөчөлүгү менен айырмаланышкан. Вундеркинддердин арасынан дүйнөгө белгилүү музыканттар, сүрөтчүлөр, математиктер жана башкалар чыгышкан жана чыгып жатат.

### ҮЧ ЖАШТУУ МУЗЫКАНТ

Ал музыканттардын үй-бүлөсүндө дүйнөгө келген, бирок анын өтө шыктуулугу ата-энесин да таң калтырган. Ал үч

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



жашында эжесинин фортепиано китебинен чалганды үйрөнүп алган жана көп узабай фортепиано чалуу боюнча өзүнөн беш жашка улуу эжесинен озуп кеткен жана кийинчерээк дүйнөгө таанылган музыкант болгон. Анын музыкаларын бүт дүйнө эли азыр да кумарлануу менен угат. Ал ким билесиңерби?

Бул шыктуу бала Вольфганг Моцарт. Ал беш жашында эл аралык концерттерди берген жана музыка жараткан. Ал сегиз жашка толгондо, британиялык натуралист Дэйнс Баррингтон кичинекей Моцартты сынап көргөн: ага жакында эле жазылган беш бөлүктөн турган пьесаны берген. Бала эми гана көрүп турган болсо да, роялдын алдына олтуруп, дароо эле аны чала баштаган.



**1. Вольфганг Моцарттын эмнеси ата-энесин таң калтырган?**
**2. Ал канча жашында фортепиано чалууну үйрөнгөн?**
**3. Ким аны сынап көргөн?**

**Төмөндө берилген сөздөр кандай айтылат?**

Вольфганг Моцарт

Дэйнс Баррингтон

фортепиано

пьеса

рояль

Текстте катар келген үнсүздөр барбы? Катар келген үнсүздөр катышкан сөздөрдү айтып бер.

Төмөнкү сөздөрдүн катасын оңдоп жаз.

Жараты, милион, вана, апак, жытуу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 11 ЖАШЫНДА 7 НЕРСЕНИ ОЙЛОП ТАПКАН БАЛА






Алтай өлкөсүнөн болгон Эрнесто-Евгений Санчес-Шайда бир жылда 2, 3 класстын программасын өздөштүрүп отуруп, мектепти эрте аяктаган. Мындай өзгөчө шыктуу балага Алтай мамлекеттик техникалык университети демөөрчүүлүк кылган. Анткени, жогорку окуу жайы Эрнесто мектепти бүтсө, өзү окутуп, иштетип, чет өлкөгө чыгарбоону максат кылган. Андыктан анын билиминин өсүшүнө шарт түзүп, ага университеттин Интернетинен акысыз пайдаланууга уруксат берген. Алтургай аталган окуу жайдын ректору Эрнестонун тилегин ишке ашырып, компьютер да белек кылган. Эрнесто 2003-жылы 12 жашында аталган университеттин студенти болгон. Окуу жайга ректор аны экзаменсиз кабыл алган.

Эрнестонун шыгы 2 жаш 7 айлыгында окуганды үйрөнүп алганынан билинген. Оор конкурстан жеңип алгандан кийин көзгө урунуп, аты оозго алына баштаган.

Учурда Эрнесто – 7 ойлоп табуунун ээси. Алардын арасында өзгөчө түзүлүштөгү телевизор, компрессорсуз иштеген муздаткыч бар. Эрнесто сүрөт тартат, ыр жана обон жарата алат, ошондой эле проза менен да алектенет.


*Канымжан Усупбекова*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1. Эрнестого эмне үчүн университет демөөрчүлүк кылган?**
**2. Ал канча жашында студент болгон?**
**3. Учурда Эрносто канча ойлоп табуунун ээси болду?**

Билим кени китепте,
Илим тепкичи мектепте.




Сүрөттөрдө эмнелерди көрүп турасың? Эмнелерди байкадың?






## ЖАШ ХИМИКТЕР

Менделеевдин химиялык элементтер мезгилдик системасы жөнүндө уккансыңбы? Окумуштуулар үчүн эң жогорку сыйлык болгон Нобель сыйлыгынын лауреаттарын билесиңби?

Бул суроолорго Мирзо Улукбек районундагы 210-мектептин окуучусу 8 жаштагы Зафар Кочкоров менен анын 6 жаштагы карындашы Зеба Кочкорованын так жооптору бар.

Алардын кайталангыс таланттары жана күчтүү эске тутуусу баарын таң калтырды. Алсак, Зафар үч мүнөттүн ичин-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

де Менделеевдин химиялык элементтер мезгилдик системасы элементтеринин тартибин так айтып бере алат. Ал эми Зеба химия боюнча Нобель сыйлыгынын 172 лауреатынын аттарын адашпай айтат.





Зафар төрт жашында химиялык элементтердин мезгилдик системасын жаттай баштаган.

Ал абдан жаш болсо да, анын химия боюнча айткан пикирлерин угуп, таң калбоонун мүмкүнчүлүгү жок.

«Дүйнөдөгү эң кымбат баалуу элементтер баарыбыз ойлогондой алтын же платина эмес. Бул – калифорний жана осмий. Дүйнөлүк базарда калифорнийдин бир граммы 10 миллион АКШ долларына тете. Экинчи кымбат баалуу элемент – осмий. Анын бир граммы 10 миң евро турат. Бизге коңшу болгон Казакстан осмий казып алуучу жана сатуучу жалгыз мамлекет эсептелет. Менин оюмча, Казакстан менен Өзбекстандын жер асты геологиясы өтө окшош. Ошондуктан Өзбекстандан да осмийди издеп көрүү керек.»

Ал эми мектепке бара элек алты жаштагы Зеба үч жашында агасынын жардамы менен химия дүйнөсүнө кадам таштаган.

«Мага нобелчи окумуштуулардан Мария Склодовская-Кюри абдан жагат. Эки жолу – физика жана химиядан Нобель сыйлыгын алган. Мен да чоңойгонумда, Кюриге окшогон атактуу химик боломун», – дейт кичинекей окумуштуу кыз.

*Саодат Абдурахманова*

**1. Жаш химиктер кимдер экен?**
**2. Зафардын кайсы сөзүнө таң калдың?**
**3. Зеба кимге окшогон химик болмокчу?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ага-сиңдинин айткан сөздөрүн таап, көркөм окуп бер.

Менделеевдин химиялык элементтер мезгилдик системасы жөнүндө уккансыңбы? Окумуштуулар үчүн эң жогорку сыйлык болгон Нобель сыйлыгынын лауреаттарын билесиңби?

Мага нобелчи окумуштуулардан Мария Склодовская-Кюри абдан жагат. Эки жолу – физика жана химиядан Нобель сыйлыгын алган. Мен да чоңойгонумда, Кюриге окшогон атактуу химик боломун.

Дүйнөдөгү эң кымбат баалуу элементтер баарыбыз ойлогондой алтын же платина эмес. Бул – калифорний жана осмий. Дүйнөлүк базарда калифорнийдин бир граммы 10 миллион АКШ долларына тете. Экинчи кымбат баалуу элемент – осмий. Анын бир граммы 10 миң евро турат.

Алсак, Зафар үч мүнөттүн ичинде Менделеевдин химиялык элементтер мезгилдик системасы элементтеринин тартибин так айтып бере алат. Ал эми Зеба химия боюнча Нобель сыйлыгынын 172 лауреатынын аттарын адашпай айтат.

Текстте катар келген үнсүздөр катышкан сөздөрдү таап жаз.

Берилген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түз.

**миллион** **доллар**

**грамм** **элементтер**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КООМДУК АВТОУНААЛАР





1. Булар кандай коомдук автоунаалар?
2. Сен кайсы автоунаага чыккансың?
3. Коомдук автоунаа деген кандай түшүнөсүң?
4. Коомдук автоунаада жүрүүнүн эрежелерин билесиңби?

Сенин оюңча, балдардын жасаган жоруктары туурабы?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Коомдук автоунаада жүрүүнүн эрежелери

1. Автоунаага шашпастан, кезек менен чык.
2. Ийниңе аскан сумкаңды колуңа ал, башка бирөөлөргө жолтоо болбосун.
3. Орундуктар бош болсо, толтуруп отур.
4. Жашы улуу адамдар чыгып калса, орун берүүнү унутпа.
5. Коомдук автоунаада тамак жебе.
6. Тазаланкты сактоо ар дайым эсиңде болсун.
7. Өзүң түшө турган аялдамага алдын ала даярдык көр.

1. Эгерде **б** тыбышы эки үндүүнүн ортосунда келсе, **в** болуп айтылат жана угулат, бирок **б** бойдон жазылат.
Мисалы: оова – ооба, ава – аба, …
2. Эгерде **н** тыбышы менен аяктаган сөздөргө **к, г, б, м** тыбыштары менен башталган мүчө уланса, **ң** болуп угулат жана айтылат, бирок **н** тамгасы менен жазылат.
Мисалы: мууңга – муунга, түңкү – түнкү, …

Төмөнкү сөздөргө **-бы, -га** мүчөлөрүн улап айт жана алар менен сүйлөм түзүп жаз.

Мен, жаан, түн, бүгүн, жээн.

### ЭРЕЖЕНИ САКТАГЫН!

Автобуста жүргөндө,
Эрежени сактагын.
Улууларга орун бер,
Уят болуп калбагын.

Артыңдагы сумканы,
Колуңа алып кармагын.
Катуу сүйлөп бакырып,
Ызы-чууну салбагын.

Бул коомдук автоунаа,
Анда адамдар көп болот.
Эрежеге көңүл бур,
Туура чыгып, туура жүр.



*Айсулуу Тойчубаева*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1. Ырды көркөм жана уккулуктуу оку.**
**2. Ырда кандай эрежелер берилген?**
**3. Сен да бул эрежелерге көңүл бурасыңбы?**

**Кайсы түс биринчи?**

Катуу сүйлөп бакырып,

Артындагы сумканы,

Ызы-чууну салбагын.

Колуңа алып кармагын.

1. Эгерде **з** тыбышы менен аяктаган сөздөргө **с, ч** тыбыштары менен башталган мүчөлөр уланса, **с** болуп айтылат жана угулат, бирок **з** бойдон жазылат.
Мисалы: сөссүз-сөзсүз, тоссо-тозсо, …
2. Эгерде **ч** тыбышы менен аяктаган сөздөргө **с, ч, т** тыбышы менен башталган мүчө уланса, **ш** болуп айтылат жана угулат, бирок **ч** бойдон жазылат.
Мисалы: кашты-качты, ушту-учту, …

Төмөнкү сөздөрдү оңдоп жаз, алардын айтылышына жана жазылышына көңүл бур.
Ушту, ашчы, даңга, ава, куваныч, түңкү.

**Макалдарды толуктап жаз.**

Жолдо жүрсөң сак бол, ...

Өкүм болмок өзүңдөн, ...

Жакшы сөз – суу, ...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «СИЛЕР ДА УЛГАЯСЫҢАР»



I

Абыл сабагынан чыгып аялдамага келди. Аңгыча өзү күткөн 8-троллейбус да келип калды. Ал үйүнө чейин алып барат эмеспи. Троллейбуска кирсе, бош орун бар экен. Жол алыс. Мектебинен үйүнө чейин жыйырма аялдама бар. Сүйүнүп отура кетти эле, троллейбус зуулдап жөнөдү.

Ошентип баратканда, кийинки аялдамадан бир топ адам троллейбуска отурду.

Аларды көрүп, «Автобуста же троллейбуста баратканда карыган кишилерге орун берүү керек», – деген мугалим эжейинин сөзү Абылдын эсине келди. Абыл ары-бери карады. Караса, карыган адам деле жок экен. Бирок, өзүнөн жашы улуу адамдар көп эле болчу.

«Карыя адам болбогондон кийин…», – деп ойлоду да, Абыл көзүн чала жуумп, жүзүн терезени карай бурду.

**1. Абыл мектептен чыгып кайда келди?**
**2. Ал эмнеге сүйүнүп кетти?**
**3. Мугалим эжейи аларга эмне деп айткан эле?**
**4. Эми эмне болот деп ойлойсуң?**


Чыгарманы өзүң улантууга аракеттен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Абылга кайсы сөздөр туура келет?




Төмөнкү сөздөр менен сүйлөм түзүп жаз.

Абыл, троллейбус, автобус, аялдама, карыя.

## II



Бир кезде көзүн ачты. Үйүнө кыйла убакыт бар экен. Ага чейин деле тынч отуруп бара берсе болмок. Капысынан эле бет маңдайында жазылып турган бир эскертмени окуду. Анда: «Айланайын кыздар, балдар! Улууларга орун бергиле. Силер да улгаясыңар», деп жазылыптыр.

«Силер да улгаясыңар» деген бул сөз Абылды талуу жерине сайып алгандай болду. Өзүн заматта картайган адамдай элестетип, чочуп кетти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жазууну окуп, ушинтип ойлоду да, ары-бери көз жүгүрттү. Караса, сумка көтөргөн бир аял, дагы жашы улуу эки-үч жүргүнчү туруптур. Аларды баары Абылды жаман көзү менен жек көрүп, карап турушкандай көрүндү. Өзүн ыңгайсыз сезди. Кенен троллейбус тар көрүнүп, батпай калды… Ошондо эми гана эсине келгенсип тура калды да, бет алдында сумка көтөрүп турган аялга орун берди:

– Келиңиз, эжеке, отуруп алыңыз…

– Ыракмат, уулум. Жакшы, адептүү бала турбайсыңбы, дайыма ушундай ыймандуу, бактылуу бол, айланайын… Сени тарбиялаган ата-энеңе ыракмат! – деп алкады алиги «эжеке» отуруп жатып, ыраазы болгонунан.

Ошондо гана Абыл айланасындагылардын баары ага ыраазы болуп, «жакшы бала турбайбы», деп алкап жаткандай, өзүн эркин сезип, башын жогору көтөрдү.

Көзү кайра дагы бир ирет баякы жазууга уруна түштү… Эми бул сөздөрдү түк унутпайт…

1. **Эмне үчүн Абыл аялдамадан чыккан улуу адамдарга орундук бербеди?**
2. **«Силер да улгаясыңар» деген сөз Абылга кандай таасир кылды?**
3. **Аял Абылды эмне деп алкады?**
4. **Абылдын ордунда болсоң, сен эмне кылмаксың?**



Тексттеги окуяны, каармандарды, окуя болгон жерди жана мезгилди айтып бер.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Берилген сөздөрдүн маанисине карай, тиешелүүсүн таап оку.

| | |
|---|---|
| аялдама | Коомдук автоунаа |
| троллейбус | Өзүнүн айыбын сезе билүү |
| жүргүнчүлөр | Автоунаа токтоочу жай |
| ыңгайсыз | Кандайдыр бир максатта жолго чыккан адамдар |

Сөздөрдү оңдоп жаз. Эмнелерди байкадың?
Бала гелди, көб отурду, ас сүйлө, сөссүз, кашты, күштү.

## МЕТРОДО





Шашып түшсөм метрого
Орун берди бир бала.
Колун коюп көксүнө,
Дейт: Отуруңуз, ага!

Жүрбөй эле үч бекет
Бир чал кирди вагонго.
Ылдам туруп ордуман,
Жай бердим мен ал чалга.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE



– Кечирип коюңуз, – десе да болбой,
Жөн отурбай аксакал,
Жаш балалуу келинге,
Жайын берди ошол чал.

Он чактуу улуу-кичүүсү,
Бошотту ага канча орун.
Башын чайкайт чоң ата,
Карачы кежирлигин.

Сонун эле бул абал,
Урмат-сыйга өтө бай!
Баары жетти дарекке,
Калды бошоп орун-жай…

*Абдурахман Акбар*
*Которгон Махбуба Темирова*



**1. Ырды ким айтып жатат?**
**2. Аксакал кимге жайын бошотуп берди?**

Сүреттөрдүн негизинде өзүң да суроо түз.

Сыйкырдуу сөздөрдү билесиңби? Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп жаз.

| | | |
|---|---|---|
| саламатсызбы? | ыракмат | кечирип |
| келиңиз, отуруңуз | кандай жардам керек? | сураныч |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БЫШЫКТОО





1. Сүрөт боюнча чакан аңгеме түз.
2. Вундеркинд дегенди кандай түшүндүң? Бул бөлүмдө кайсы вундеркинддер менен тааныштың? Алар жөнүндө кыскача текст жаз.
3. Чачылган тамгалар. Төмөнкү тамгалардын жардамында сөздөрдү түз жана дептериңе жаз.

н в р м г к д ү

и э д у е ү н а

ү е о т м т я ы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 2-БӨЛҮМ.
# ТАБИЯТТЫН БЕРЕКЕЛЕРИ









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕКСТАНДЫН ӨЗГӨЧӨ ТАБИЯТЫ



Өлкөбүздүн ар бир карыч жери алтынга тете. Анын кооз табияты, таза абасы, тунук жана айыктыруучу суулары ар кандай адамдын көңүлүн өзүнө тартат. Мына ушундай кайталангыс сулуулукту асырап-абайлоо керек. Аны дагы да көрктөндүрүү ар бирибиздин унутулгус милдетибиз болуп саналат.



Өзбекстанда кыш жумшак, жаз күнөстүү жана жамгырга бай, жай ысык жана кургак, ал эми күз аябай кооз. Күз – түшүмгө мол мезгил. Табият кыш мезгилинде күч чогултуп, жазында кайра ойгонуу үчүн күзүндө бардык белектерин элге тартуулайт.

1. **Биздин унутулгус милдетибиз эмне?**
2. **Өзбекстанда кыш жумшак дегенди кандай түшүнөсүң?**
3. **»Жаз – жарыш, күз – күрөш» макалынын маанисин түшүндүр.**
4. **Түшүнүгүңдү сүйлөп бер.**

**Тексттин негизинде адашкан сөздөрдүн ордун таап, сүйлөмдү оңдоп оку.**

| |
|---|
| ар бир жери Өлкөбүздүн тете алтынга карыч. |
| ушундай керек Мына асырап-абайлоо сулуулукту кайталангыс. |
| Өзбекстанда жаз күнөстүү жана жамгырга бай, ал эми күз аябай кооз, жай ысык жана кургак, кыш жумшак,, |
| унутулгус көрктөндүрүү милдетибиз Аны дагы болуп саналат да ар бирибиздин. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Сөздө канча үндүү тыбыш болсо, ошончо муун болот.**

Төмөнкү сөздөрдү муунга ажыратып жаз.
Табият, абайлоо, ысык, бай, эч, кургак, милдетибиз.

## ЖЕР ЭНЕ



Ойноп жүрүп **айлана-чөйрөдөн** көптү көрөсүң. Эмнеге жаз, жай, күз, кыш келип, бирде ысык, бирде суук болот? Эмнеге күн, эмнеге түн болот? Чымчыктар кантип уя салат? Бак кантип өсөт, адамдар эмнеге мал багат? деп **ойлоноорсуң**. Сенде мындан башка да толуп жаткан **суроолор** бар.

Биз жашаган Жер кандай сонун! Дүйнө жүзүндө ар түрдүү жерлер көп. Дайыма кыш болуп турган өлкөлөр, эч нерсе өспөгөн ысык чөлдөр бар. Ошол жакта да элдер **жашайт**. Алар эмнеге башка жакка көчүп кетишпейт? Себеби, адамга туулган жери кымбат.

Жерден чөп өсүп чыгат. Чырпык **сайсаң**, өсүп бак болот. Жерден өсүп чыккан чөптү төрт түлүк мал жеп семирет. Чөп жок болсо, мал ачкадан кырылмак. Сүт, **эт**, май жана башка тамактар жок болмок. Демек, чөптү, малды, жан-жаныбарды, адамды жер багат. Ошондуктан **жер** эне деп айтылат.

Жер абдан чоң. Жердин бетинен ар түрдүү өлкөлөр, тоолор, токойлор, талаалар, чөлдөр жана **суулар** орун алган.

**1. Сен эмнеге жаз, жай, күз, кыш келип, бирде ысык, бирде суук болору жөнүндө ойлоп көрдүң беле?**
**2. Жер эне дегенди кандай түшүндүң?**
**3. Бизди эмне багат экен?**
**4. Өтө ысык, өтө суук жерлерди билесиңби?**
**5. Өзбекстандын табияты жөнүндө сүйлөп бер.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

**Төмөнкү сөздөрдүн маанилерин тап.**

| | |
|---|---|
| жаз, жай, күз, кыш | Бизди курчап турган айлана-чөйрө |
| жер эне | Ар кимдин туулуп өскөн жери |
| Мекен | Жыл мезгилдери |
| табият | чөптү, малды, жан-жаныбарды, адамды багат. |

**Текстте белгиленген сөздөрдү муунга бөлүп жаз.**

## ӨЗБЕКСТАНДА КҮЗ

Сүрөттө кайсы мезгил чагылдырылган? Ал жөнүндө айтып бер.





Өзүңө жаккан сүрөттү танда.
Ал сүрөттүн негизинде 4–5 сүйлөм түз.

Үч топко бөлүнүп, төмөнкү жадыбалды толтургула.

| Күздөгү аба-ырайы | Күздөгү мөмө-жемиштер | Табияттагы өзгөрүүлөр |
|---|---|---|

**Созулма үндүүлөр бир гана муунду түзөт.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Төмөнкү сөздөрдү ыргагына жараша айтууну үйрөн жана аларды муунга бөлүп жаз.

алтын күз
берекe
сулуу
кооз
көрктүү
аба-ырайы

## КҮЗ

Он эки айдын үч айы –
Күркүрөгөн күз айы.
Бөлүштүргөн табият,
Төрт мезгилге атайы.


Дасторкондо нан жайнап,
Эч бөксөрбөй май, каймак.
Айлыбызда майрам той,
Самоор-самоор чай кайнап.

Коңур тартып туш-тарап,
Коон, алма жыттанат.
Аңыз кечип мүнүшкөр,
Бөдөнөгө куш салат.

Жемиш-мөмө бүт бышып,
Жыйым-терим күч кызып.
Эгин батпай кампага,
Күз – береке, күз – кызык.

Малга толуп ар аймак,
Кыштоолорун даярдап.
Кубанышат малчылар,
Семиз-семиз мал айдап.

*Токуш Айтикеев*



1. Ырда кайсы мезгил сүрөттөлгөн?
2. Күздүн берекеси эмнеде?
3. Ырды түшүнүгүңдүн негизинде сүйлөп бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Төмөнкү сүрөттөр ырдын кайсы саптарына туура келет?



Ырдагы сөздөрдүн муунга бөлүнүшүнө карай жадыбалды толтур.

| 1 муундуу сөздөр | 2 муундуу сөздөр | 3 муундуу сөздөр | 4 муундуу сөздөр |
|---|---|---|---|
| он, ... | э-ки, ... | та-би-ят, ... | бө-лүш-түр-гөн |



## ТҮШҮМ МАЙРАМЫ




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бүгүн **ишемби** күнү. Мен ата-энем менен чоң энемдин үйүнө бардым. Чоң энем айылда жашайт. Анын чоң **бакчасы** бар. Биз түшүм жыйноого жардам бердик. **Себеттерге** алмаларды, алмуруттарды жана анарларды чогулттук. Картошка, чамгыр, түрп, **сабиздерди** жыйнадык. Апам буурчактарды тазалады. Агам **курмаларды** үздү. Чоң энем бизге ыраазы болду. **Жекшемби күнү** биз түшүм майрамын өткөрдүк.

**1. Кыз ата-энеси менен кайда барды?**
**2. Алар чоң энесине кандай жардам беришти?**
**3. «Түшүм майрамы» дегенди кандай түшүнөсүң?**

**Текстке тиешелүү сүрөттөрдү таап, алардын аттарын айт.**



| Ачык муун | Жабык муун | Туюк муун |
|---|---|---|
| а-та, эне,... | ал, эк, ... | чам-гыр, түрп, ... |

**Текстте белгиленген сөздөрдөгү муундардын түрлөрүн айт.**

## АЛА КАРГА

Илгери-илгери бир заманда бир ала карга жашаптыр. Башка ала каргалардан айырмаланып, ал аябай чоң экен. Ошондуктан ал башкаларды кемсинтип, өзүнчө бой көтөрчү экен. Ал бир күнү кара каргалардын арасына барат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алар ала каргага:

– Үнүңдү да, келбетиңди да биз жактырбайбыз, – дешет.

Муну уккан ала карга көгүчкөндөргө барат. Аларды жактырып: «Мен дагы көгүчкөнмүн», деп араларына кошулуп алат. Ал өзүнүн ала карга экенин билдирбестик үчүн алгачкы күндөрү каркылдабайт. Көгүчкөндөр эч нерседен капарсыз эле жүрө беришет. Ага унчугушпайт. Бир канча күн ооз ачпай жүргөн ала карга бир күнү чыдай албай кетип: «Бир сайрап алайынчы», деп чечет да, сайрап жиберет. Ошондо анын калпычылыгы билинип калат. Анда көгүчкөндөр:

– Кокуй ай! Көгүчкөн дегениңдин үнү мындай болбойт. Ай, бул көгүчкөн эмес го, – деп аны араларынан кууп салышат.

Ушинтип айласы түгөнгөн ала карга өз досторуна барат. Анын кылган жоруктарын уккан достору да аны кошкусу келбей, бөлүп салышат. Анысы аз келгенсип ага:

– Сен бизди кемсинткениң үчүн сени кошпойбуз. Эми биздин арабызда сага орун жок, – дешет.

Өзүнүн кемчилдигин түшүнгөн ала карга:

– Эми мындан кийин эч кимди кемсинтпегенге сөз берем. Мени кечирип койгулачы... – деп досторунан кечирим сурап, алардын кечирими менен досторуна кошулган экен.



**1. Ала карга эмне үчүн досторунан кетип, кара каргаларга барды?**
**2. Көгүчкөндөр ала карганы кантип билип калды?**
**3. Ала карга эмне үчүн досторунан кечирим сурады?**
**4. Силердин классыңарда да ала каргага окшогондор барбы?**

Тексттеги окуяны, каармандарды, окуя болгон жерди жана мезгилди айтып бергиле.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги ачык, жабык жана туюк муундуу сөздөрдү таап жаз.**

«Сөздөн сөз жаса» оюну.

Сөздөн сөз жасап, аларды муундун түрлөрү боюнча ажыратып жаз.

К А Н А Т Т У У Л А Р

***Үлгү:*** *ка-нат* — *ка* – ачык муун, *нат* – жабык муун.

## КИМ АЛДЫДА, КИМ АРТТА?



Тыйын чычкан, кашкулак,
Коён, түлкү, мамалак.
Келмек болуп чечишти,
Токойду бир аралап.
Тыйын чычкан түлкүнүн,
Алдына өтүп алыптыр.
Мамалактын алдында,
Бара жатат кашкулак.
– Жетпейсиңби, мага! – деп,
Түлкү аны шаштырат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Карандашты колго алып,
Тартып туруп сүрөтүн,
Ким алдыда, ким артта,
Баратканын билесиң?

*Токтосун Самудинов*

**1. Ким алдыда бара жатат?**
**2. Ырда канча жаныбар жөнүндө айтылган?**
**3. Эң артта кайсы жаныбар бара жатат?**
**4. Түлкүнүн артында кайсы жаныбар бар экен?**

Жаныбарлардын сүрөтүн бара жаткан тартиби менен жайгаштыр.



**1 2 3 4 5**



**1 2 3 4 5**



**1 2 3 4 5**



**1 2 3 4 5**

Сүрөттөгү жаныбарларга сүйлөм түзүп жаз.



## БАКА МЕНЕН ЧАЯН



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бар экен да, жок экен, бир бака болгон экен. Бака суудан баш багып турганда, анын алдына чаян келип:

– Бака, бака, кел экөөбүз дос бололу, – дептир.

Анда бака: – Дос болсок, бололу. Мен да суунун ичинде жалгыздыктан жададым. Балким, сен экөөбүз чогуу жер кыдырсак, дурус болор, – деп жооп айтыптыр.

Ошентип, бул экөө ээрчишип келе жатышса, алардын алдыларынан суруга кенен арык чыгып калыптыр.

Анда чаян:

– Бака дос! Эми сен мени бул арыктан көтөрүп алып өтпөсөң, мен өзүм өтө албаймын, – дептир.

Бака болсо:

– Болуптур досум! Анда жонума чык, мен сени алып өтүп коёюн, – деп ага жонун тосуптур.

Ошентип, чаян баканын жонуна минип алыптыр. Бака суруга кирип, наркы жээкти көздөй сүзө баштаптыр. Суунун дал ортосуна барышканда, чаян баканын аркасына ийнесин сайыптыр. Турган жеринен бака:

– Ой, чаян дос! Бул эмне кылганың? – деп сураптыр.

Анда чаян: – Менин ишим ушу да, – деп жооп бериптир. Ачуусу келген бака:

– Сенин кылар ишиң ушу болсо, менин да сага окшогон «достор» үчүн кылар ишим – бул, – деп суунун астына чумуп кетиптир. Чаян болсо суруга чөгүп өлүптүр.



**1. Эмне үчүн бака чаяндын сунушуна макул болду?**
**2. Чаяндын жасаган иши туурабы?**
**3. Аларды дос деп эсептесек болобу?**
**4. Чаяндын жашашы мүмкүн беле?**

Теманы сахналаштыргыла.

**Сөздөр бир саптан экинчи сапка муунга бөлүнүшү боюнча ташылат.**

Төмөнкү сөздөр муунга туура ажыратылганбы? Оңдоп жаз.
Чай-ан, бак-а, се-н, су-у-нун, кыд-ыр-сак,өт-үп, үч-үн.

Парталашың менен биргеликте бака менен чаяндын айткан сөздөрүн тап.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эми сен мени бул арыктан көтөрүп алып өтпөсөң, мен өзүм өтө албаймын.



Бул эмне кылганың?

Кел, экөөбүз дос бололу.

Балким, сен экөөбүз чогуу жер кыдырсак, дурус болор.





Сенин кылар ишиң ушу болсо, менин да сага окшогон «достор» үчүн кылар ишим – бул.

Анда жонума чык, мен сени алып өтүп коёюн.

Кандай ойлойсуң, автор бул жомокто эмне үчүн жараткан?

Баканын ишенчээк, чыныгы дос экенин билдирүү үчүн.

Бака менен чаян эч качан дос боло албастыгын көрсөтүү үчүн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Чаяндын эч качан бакага дос болбостугун билдирүү максатында.

Досту да туура тандоо керектигин көрсөтүү максатында.

Төмөнкү макалдардын кайсы бири ушул жомокко туура келет.

Жамандык жолго баспагын – кырсык тилеп аласың, досуңа чукур казбагын – өзүң түшүп каласың.

«Көңүлүмө жагат» деп, көрүнгөн менен дос болбо.

Акылсыз достон, акылдуу душман артык.

Дос тапмак арзан, аны күтмөк кыйын.

Кедей менен бай от болбос, бөрү менен кой дос болбос.

**Созулма үндүүлөр бөлүнүп ташылбайт.**
**Бир муундуу сөздөр ташымалданбайт.**
**Бир тамгалуу муунду саптын башына же аягына калтырууга болбойт.**

«Менин досум» темасында чакан аңгеме жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Таранчы» аудиотекстин ук





1. Чыгарма эмне жөнүндө?
2. Машке деп эмнени айтып жатат?
3. Мергенчи иттин жанына келип эмнени көрдү?
4. Таранчы машкеден балапанын кантип коргоп жатты?
5. Машке эмнеге балапанды жей албады?
6. Мергенчинин ордунда болсоң, сен эмне кылган болоор элең?

Машкеге, балапанга жана таранчыга тиешелүү мүнөздөмөнү тап.




Ал катуу шамалда кайыңдын башындагы уясынан жерге кулап түшкөн окшойт. Канаты жетиле элек байкуш ордунан жыла албай, оозун ачып отуруптур. Анда-санда күүлөнүмүш болуп обдулат, бирок уча албайт.



Бир кезде ал акырындап басып, алдыда илбээсин бардай бир нерсенин жытын алгансып, тиктеп калды.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Баласын коргош үчүн машкенин алдын тороп, бирде аны тегеренип учат, бирде жөргөлөйт. Баласы үчүн өзүн өлүмгө таштап, машкеге жем болгусу келет. Чыйпылдап жаны чыгат. Жан айласын таппай чебеленет.

Уккан текстиндин негизинде төрт сүйлөм жаз.

## САГЫЗГАН МЕНЕН ТҮЛКҮ



Күндөрдүн биринде түлкү азыктын айынан токойдо ызгып жүрүп, сагызганды көрүп калыптыр. Куулугу кармап, өзүн өлгөнгө салымыш болуптур. Сагызган дарактын бутагынан учуп түшүп, түлкүнүн үстүнө конуптур.

Чындап эле өлгөнүн текшерип көрүү үчүн сагызган түлкүнү акырын чокуп көрүптүр, ал эми түлкү болсо жаткан бойдон кыймылсыз имиш. Сагызган түлкүнүн баш жагына өтүптүр жана анын кулагынан чокуп көргөн соң, ишеним менен тумшугун карай секириптир



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түлкү заматта сагызгандын бутунан кармаптыр. Сагызган өксүп-өксүп ыйлаптыр.

– Эмне мынча ыйлайсың, сагызганым? – сураптыр түлкү.

– Балалык кездеримде ата-энем мага катуу ачууланганда: «Сени түлкү кармап алсын, – деп каргашчу. – Сени тим эле кармап албастан, бийик тоодон туруп ыргытып жибергенде, таштан ташка кагылып, сөөктөрүң чагылып, түлкүгө тууралган эттей жетип баргын». Көрүп турасың го, ата-энемдин ошол каргашасы ишке ашып жатпайбы, – деп жооп бериптир сагызган ыйлап.

Сагызгандын ата-энесинин каргышы түлкүнүн көңүлүнө төп келиптир жана алардын каалоосун ишке ашырууну чечиптир. Ошол максат менен түлкү өтө бийик аскага чыгыптыр жана ошол жерден сагызганды ылдый карай ыргытып жибериптир.

Сагызган кубанган бойдон канаттарын кең жайыптыр жана учу-кыйырсыз көктү көздөй учуп жөнөптүр. Ал эми түлкү оозун ачкан бойдон куру кол кала бериптир.



**1. Түлкү сагызганды кантип кармап алды?**
**2. Сагызган эмне деп ыйлады?**
**3. Түлкү кантип алданып калды?**
**4. «Сагызган сактыгынан өлбөйт, суктугунан өлөт» деген макалды кандай түшүнөсүң?**
**5. Теманы ролдорго бөлүп окугула.**

Темадагы окуяны, каармандарды, окуя болгон жерди жана мезгилди айтып бер.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Артыкчасын тап.

Куулугу кармап, өзүн өлгөнгө салымыш болуптур.

Түлкү заматта сагызгандын бутунан кармап алыптыр.

Бака сууга кирип, наркы жээкти көздөй сүзө баштаптыр.



Төмөнкү сөздөр кантип ташымалданат? Туура ташымалдап жаз.

Ызгып, сагызган, заматта, куулугу, ачууланганда, сөөктөрүң, тууралган, кулагынан, канаттарын, каалоосун, жеткириптир, учу-кыйырсыз.



Сүрөттөрдүн негизинде жаныбарлар жөнүндө жомок түз.



**1. Сүрөттөгү жаныбарлардын аттарын айт.**
**2. Жаныбарларга мүнөздөмө бер.**
**3. Эмне үчүн түлкүгө карата куу, митайым дейбиз?**
**4. Жаныбарлардын мүнөзү адамдарда да кездешеби?**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул жаныбарлар жөнүндө кандай мультфильмдерди көргөнсүң?







Табышмактардын жандырмагын сүрөттөрдөн тап.



Төрт буттуу,төөдөн
күчтүү.



Тумшугу шиштей кара,
Кийген кийими ала.
Денесине найза сайынат,
Ачууланса үрпөйүп жайылат.

Саксайган түрү бар,
Адам коркор сүрү бар.

Талаадан тамак
аңдыган,
Адырандаган кандай
жан?

Төө оозду, бото көздүү,
Эшек кулактуу, эчки чычандуу
Ат аяктуу, кой жүндүү.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жаныбарлардын аттарын муунга бөлүп жаз.

Макалдарды улант.

... өз көлөкөсүнөн коркот. Жылуу-жылуу сүйлөсөң ... ийинден чыгат.

... өзү тойсо да, көзү тойбойт. Эчки жүгүрүп, ... болбос.

Колдонулуучу сөздөр: *жылан, элик, карышкыр, коён*.

## СУР КОЁН



Сур коён кыш мезгилинде айылга жакын турду. Түн киргенде бир кулагын көтөрүп, тегерегин тыңшады. Экинчи кулагын типтик кылып, муруттарын кыбыратып, жыт алып көрдү да, арткы буттары менен отурду. Анан терең кардын үстүнөн бир-эки секирди да, кайра отуруп тегерегин карады. Кардан башка эч нерсе көрүнбөйт. Кар өркөч-өркөч болуп, ак канаттай жылтылдайт. Чыкыраган аяз. Жылдыздар нур чачып турат.

Коён чоң жолдон өтүп, көрүп жүргөн кырманга барыш керек эле. Чоң жол менен бараткан чананын кычыраганы, аттын бышкырганы угулат.

**1. Эмне үчүн коён караңгыда жолго чыкты?**
**2. «Кар өркөч-өркөч болуп, ак канаттай жылтылдайт» дегенди кандай түшүндүң?**
**3. Коён кырманда эмне кылат деп ойлойсуң?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сүрөттөгү жаныбарлар жөнүндө айтып бер.



**Сөздөр уңгу жана мүчөлөрдөн куралат.**

| Сөз жасоочу мүчөлөр | Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр |
|---|---|
| мал + чы = малчы | мал + га = малга |

Сүйлөмдөрдү оңдоп жаз, кайсы сөздөрдүн формасы өзгөргөн?

Сур коён айылга жакын турду кыш мезгилинде.

Түн киргенде тегерегин тыңшады, бир кулагын көтөрүп.

Эч нерсе көрүнбөйт кардан башка.

Кар ак канаттай жылтылдайт өркөч-өркөч болуп.

Коён барыш керек эле кырманга чоң жолдон өтүп, көрүп жүргөн.



Коён жолдун боюна барып токтоду. Дыйкандар чапанынын жакасын өйдө көтөрүп, чананын жанында келе жатышат. Чана өтүп кеткенден кийин, коён кырманды көздөй чуркады. Жолдон эки коёнду кезиктирди. Алар оттоп, ойноп жүрүшүптүр. Коён жолдоштору менен ойноп, кар чукуп, күздүк көк буудайдан жеди да, жолуна түштү.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Чыгыш жактан таң сүрүп, жылдыздар азайды. Жакын кыштактагы аялдар туруп, сууга баратышты. Жол менен араба айдаган дыйкандар катуу сүйлөшүп бара жатышты.

Коён жолдон өтүп, өзүнүн эски ийинине келди да, ийинин кардан тазалап, башын чыгарып, көзүн ачкан бойдон уктап калды.

*Лев Толстой*



**1. Коён эмнеге токтоп калды?**
**2. Эки коён эмне кылып жүрүшкөн эле?**
**3. Коён кырманга барып эмне кылды?**
**4. Кышындагы таңдын атышы кайдайча сүрөттөлгөн?**
**5. Коёндун көзүн ачып укташын билет белең?**


**Төмөндөгү сөздөргө мүчөлөрдү улап, жадыбалды толтур.**
Коён, кырман, дыйкан, чана, араба,

| Сөздөр | Сөз жасоочу мүчөлөр | Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр |
|---|---|---|
| Коён, кырман, дыйкан, араба | -луу, -чы, -кана, -стан, -кеч | -ны, -да, -га, -дан, |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «КҮН МЕНЕН БУЛУТТУН КАРМАШЫ» аудиотекстин ук



1. Күн эмнеге шашып жөнөдү?
2. Эмне деп ойлойсуң, Күн булуттан өтө албаса эмне болот?
3. Сур булут болсоң, эмне кылган болот элең?
4. Күн эмнеге «мага башка жол менен жүрүүгө болбойт», – деди?
5. Күн эмне үчүн ыйлады?
6. Күнгө кандай жардам берет элең?





1. Күнгө ким жардам берди? Булутка кандай баа бересиң?
2. Булардан эң күчтүүсү ким деп ойлойсуң?
3. Жер жүзүндөгү жан-жаныбарлар Күнсүз жашай алабы?
4. Сен кандай ойлойсуң?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тексттеги окуяны, каармандарды, окуя болгон жерди жана мезгилди айтып бер.




Чыгармадагы каармандардын айткан сөздөрүн тап.

| | |
|---|---|
| Күн | Эй, Күн, жол болсун! Шашып кайда жөнөдүң?! |
| булут | Ай, Күн, эмне ыйлап жатасың? Сени жердеги жандыктардын баары чыдамсыздык менен күтүп жатышпайбы. |
| шамал | Өзүң билесиң да, мага башка жол менен жүрүүгө болбойт. Мен ушул жол менен гана жүрө алам. Башка жолго салсам, өз жолумдан чыгып кетем. А сен каалаган жолуң менен жүрө аласың. Тиги жакта орун кенен эле турат го! Бир аз жылып койчу, сураныч. |




Күн, булут жана шамалдын сөздөрүнө мүчө улап, аларды катыштырып, сүйлөм түз.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Сөз | Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр | Мүчө уланган сөздөр |
|---|---|---|
| Күн, шамал, булут | -га, -нын, -да, -ны, -дан, | Күнгө, ... |

## АНТАРКТИДА – МУЗ ПАДЫШАЛЫГЫ



Антарктида – планетабыздагы алты материктин бири. Ал эрибеген түбөлүк муз менен капталган ээн материк. Айрым жерлеринде муз дөбөлөр көрүнүп турат, аба-ырайы өтө суук. Кээде –90 градуска чейин суук болот. Ошол себептүү Антарктидада эл жашабайт, айбанаттар, жан-жаныбарлар да жок. Деңиздин жээктеринде гана пингвин деген куш жашайт. Жээкке жакын сууларда кит, дельфин, тюлень бар. Муздун калыңдыгы 3 километрге жетет. Антарктида 1957–58-жылдардан баштап, изилдене баштаган. Түрдүү улуттардан куралган окумуштуулардын тобу изилдөөлөрдү жүргүзүүдө. Алар жылуу үйлөрдө жашашат. Сыртта иштегенде электр менен жылытылган кийим жана бетин коргоочу беткап кийип алышат. Антарктида бир да мамлекетке таандык эмес, ал тынчтыктын континенти эсептелет.

**1. Антарктида жөнүндө уккансыңбы?**
**2. –90 градус суукту элестете аласыңбы?**
**3. Антарктидада эмнелер жашайт экен?**
**4. Окумуштуулар Антарктидадан эмнени изилдейт деп ойлойсуң?**

**Уңгулары окшош болгон заттын атын билдирген сөздөр уңгулаш зат атоочтор деп аталат.**
Мисалы: **муз**, **муз**дун, **муз**да.

Төмөнкү сөздөрдөн уңгулаш зат атооч сөздөрдү түзүп, дептериңе жаз.

Эл, кит, дельфин, тюлень.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ПИНГВИН



Балдар, пингвин тууралуу билесиңерби? Ал дүйнөдөгү канаты бар, бирок уча албай турган жалгыз куш. Эки буту менен адамдарча басканы да кызык. Сууда мыкты сүзөт. Мекени – Антарктида. Пингвиндер өмүрүнүн жарымын сууда, жарымын кургакта өткөрүшөт. Суу алдындагы жашоо аларга өтө ыңгайлуу, анткени көрүү, туюу сезимдери сууда жакшы өнүгөт. Кургак жерге жумуртка басып, тукум улоо үчүн чыгышат. Кургакта жай басканы менен сууда өтө тез сүзө алышат. Алардын 70 тен ашуун түрү бар. Алар үйүр-үйүр болуп жашашат. Эң чоң пингвиндин узундугу 120 сантиметрге, ал эми салмагы 45 килограммга жетет.

Пингвиндердин майлары аларды сууктан сактап турат. Бул канаттуулар өз ара пикир алмаша алышат. Негизги азыгы – балыктар.

**1. Пингвин жөнүндө эмнелерди билип алдың?**
**2. Пингвиндердин канча түрү бар?**
**3. Эң чоң пингвиндин салмагын жана узундугун айтып бер.**
**4. Пингвиндер жөнүндө кандай мультфильмдерди көргөнсүң?**

**Булар кандай сөздөр? Уңгулаш зат атоочторго сөз таап жаз.**
Пингвиндер, пингвинге, пингвиндин, ...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АНТАРКТИДАДА АБА-ЫРАЙЫ



Бакыт телевизор көрүп отурган. Телевизордо аба-ырайы жөнүндө айтып калды. Ал алдында китеп окуп отурган атасына кайрылып:

– Атаке, дүйнө жүзүндө аба-ырайы бирдей болобу? – деп сурады.

Атасы окуп жаткан китебин четке коюп:

– Жок, уулум, дүйнө жүзүндө аба-ырайы ар жерде ар түрдүү болот, – деди.

– Эң суук, эң ысык жерлер да барбы? – деди кызыгып.

– Ооба, анда эмесе уулум мен сага эң суук жер – Антарктида жөнүндө сүйлөп берейин. Антарктида материгинде жай мезгилинде сен ойлогонуңдан да көбүрөөк суук болот. Түштүк уюл Антарктиданын эң суук бөлүгү болуп эсептелет. Январь айы, кыштын ортосунда, орточо температурасы минус 28 градус (–28 °C)ка чейин болот. Минус температурасы 0 °C тан төмөн болсо, суунун тоңуу температурасын билдирет. Кыш убагында, апрелден сентябрга чейин Түштүк уюлда орточо температура –89 градус болушу мүмкүн. Мындай суук аба-ырайында стаканда кайнаган сууну абага чачсаң, музга тийбей муздайт, – деди сөзүн жыйынтыктап атасы.



Атасынын айткан сөздөрүн угуп, Бакыттын Антарктидага болгон кызыгуусу дагы да артты.



1. Бакыт атасынан эмне жөнүндө сурады?
2. Антарктида жөнүндө эмнелерди айтып берди?
3. Ал жерде жай кандай болот экен?
4. «Стаканда кайнаган сууну абага чачсаң, музга тийбей муздайт», дегени эмнеси?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Төмөнкү жадыбалды толтур.**

| Билем | Билдим | Билгим келет |
|---|---|---|
| Антарктиданы. | Аябай суук болушун. | Адамдардын жашоосун. |

**Уңгулары окшош болгон заттын белгисин билдирген сөздөр уңгулаш сын атоочтор деп аталат.**
Мисалы: кызыл, кызылдай, кызылыраак.

Тексттеги сын атооч сөздөрдү тап жана уңгулаш сын атоочторду түзүп, аларды дептериңе жаз.

## «АНТАРКТИДАДАН КАТ» аудиотекстин ук



1. **Сара Виллер жөнүндө уктуң беле?**
2. **Ал катты кайсы жерден кимге жазыптыр?**
3. **Сара эмнеден бактылуу эле?**
4. **Антарктида жашоо кандай экен?**
5. **Сара Виллердин катында жазгандарды көз алдыңа элестетип көрчү.**
6. **Ал эмнелерди сагынган эле?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Төмөнкү сүйлөмдөрдү ирети менен оку.**

Бул жерде жаңы азык-түлүктөр жок, дүкөндөр жок, ошондуктан консерваланган же муздатылган азыктардан пайдаланууга аргасыз болобуз.

Кичинекей газ плиталарында тамак жасайбыз, тамакты даярдоо үйгө караганда көбүрөөк убакытты талап кылат. Кечээ мен помидордун соусу менен кургатылган жашылчалардан лагман даярдадым.

Мына ошентип, көптөгөн белгилүү изилдөөчүлөр менен бирге бул жерде иштеп жатканымдан кандай бактылуу экенимди элестетип көрчү!

Сен дагы өзүңдүн жакындарыңа кат жаз.



Уңгулаш сын атоочторду жасап, алар мүчөлөрүнүн түрүн аныкта. Сүйлөмдөр түз. Өзүң да ушундай чийме чийип, ага мисалдарды жаз.

эс: -луу, -сыз

ак: -ыраак, -ыш

## ДҮЙНӨ ОКЕАНДАРЫ

Чоң танаписке чыкканда, Асан классташтарына суроо менен кайрылды:

– Жерде суу көппү же кургактыкпы?

– Кургактык көп, – деди Азамат. – Тээ алыста көрүнүп турган тоолор, учу-кыйры жок талаалар, айылдар жана шаарлар – бардыгы кургактык эмеспи.

– Суу көп, – деп ага каршы чыкты Назгүл. – Менин байкем 5-класста окуйт. Атам ага глобус сатып берген. Ал эми глобуста суулар көк түстө берилген. Ал жерде көк түс глобустун көп бөлүгүн ээлеген.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



– Андагы суулардын аттары барбы? – кызыгып сурады Жамийла.

– Ооба, байкем мага глобустан көрсөтүп, түшүндүрүп берген. Аккан суулар арык, канал, дарыя деп аталса, акпай турган суулар көл, океан деп аталат экен. Океан – алардын арасынан өтө чоңу.

– Назгүл, сага жакшы ээ? Билбегениңди байкеңден сурап аласың.

– Жүргүлө, залдагы картадан мен силерге океандарды көрсөтөм, – Назгүл курбулары менен картаны көздөй басты.

Балдар көк түстөгү суулардын аттарын окуй баштaшты:

– Атлантика океаны, Тынч океан, Түндүк Муз океаны, Инди океаны, Түштүк океан.

– Бардыгы болуп Жер жүзүндө беш океан бар экен, – деди Азамат кубанып.

Ушул мезгилде кирүүгө коңгуроо чалынды.



**1. Балдар танаписте эмнелер жөнүндө сүйлөшүштү?**
**2. Ким дүйнө океандарын жакшы билет экен?**
**3. Аккан суулар эмне деп аталат?**
**4. Дүйнө жүзүндө канча океан бар? Аларды айтып бер.**
**5. Силер да карта же глобустан ушул беш океанды табууга аракеттенип көргүлө.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тексттеги окуяны, каармандарды, окуя болгон жерди жана мезгилди айтып бер.




**Уңгулары окшош болгон заттын санын билдирген сөздөр уңгулаш сан атооч деп аталат.**
Мисалы: эки, экөө, экиден, экинчи.



**Төмөндөгү сөздөрдөн уңгулаш сан атоочторду жаса.**
Беш, жети, он, элүү, жүз, миң.

## КЫЗЫКТУУ САБАК

Күз мезгили. Аба күндөгүдөн бир аз бүркөө. Арзыкан эжеке шаша мектепке жөнөдү. Ал кечээ окуучуларына «Дүйнө океандары» жөнүндө тапшырма берген болчу. Жолдо ушул ой менен тез эле мектепке келип калды. Мугалим класска кирери менен окуучулар ордунан тура калышып, салам беришти. Окуучулар үйдөн аткарып келген тапшырмасын мугалимине айтып берүүгө ашыгышты.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мугалим алардын жоопторунан абдан ыраазы болуп:

– Азаматсыңар, тапшырманы абдан жакшы аткарыпсыңар, – деди.

– Эжеке, бүгүн бизге «Дүйнө океандары» жөнүндө дагы сүйлөп бериңизчи, – деди Айбек.

– Макул, – деп жооп берди мугалим.



Балдар, биз Жер планетасында жашайбыз. Глобуста шарттуу түрдө Жер шарынын жалпы көрүнүшү сүрөттөлгөн. Жер планетасы кургактыктан жана суудан турат. Ал эми суу Жердин үчтөн эки бөлүгүн ээлейт. Глобустагы көк түстөр сууну билдирет жана *океандар* деп аталат. Жер жүзүндө беш океан бар: Атлантика океаны, Тынч океан, Түндүк Муз океаны, Инди океаны жана Түштүк океан. 2000-жылы Антарктиданын жээктерин жууган сууларга Түштүк океан деп ат коюлган. Эң чоң океан – бул Тынч океан, аны кээде «Улуу океан» деп да аташат. Анткени ал өзүнө Жердеги бардык материктерди жана аралдарды да сыйдыра алат.

Мына балдар, силер бүгүн «Дүйнө океандары» жөнүндө толук маалыматка ээ болдуңар, – деп мугалим сөз аяктады.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Арзыкан эжеке эмнени ойлоп бара жатты?
2. Окуучуларга кандай тапшырма берилген эле?
3. Мугалим дүйнө океандары жөнүндө эмнелерди айтып берди?
4. Бешинчи океан кандай аталат, ал каерде жайгашкан?
5. Улуу океан деп кайсы океанды аташкан?

**Топторго бөлүнүп аткаргыла.**

| Сөздөр | Уңгулаш зат атоочтор | Уңгулаш сын атоочтор | Уңгулаш сан атоочтор |
|---|---|---|---|
| океан<br>оку<br>беш<br>глобус<br>кызык<br>чоң | океанга, океанды | чоңураак, чоңдой | бешөө, бештен |

## БЕРЕКЕ ДАРЫЯСЫ



## АМУДАРЫЯ МЕНЕН СЫРДАРЫЯ ЖӨНҮНДӨ УЛАМЫШ



I

Жылдыздардын арасында Күн менен анын сулуулукта теңи жок аялы Ай жашаптыр. Алардын эки кызы болгон экен – Аму жана Сыр. Аму атасына окшоп шынга бойлуу, нур жүздүү кыз болуптур. Анын чачтары алтын түстөнүп, көздөрүнөн нур төгүлчү экен. Ал Күндөн да нурлуу экен. Ал эми Сыр сулуулукту апасынан алган экен – ичке бойлуу, чачтары түндөй

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



кара, ал эми терең орношкон чоң кой көздөрү айланасындагы бардык нерселерди сыйкырлап алчудай муңдуу тигилет экен. Анын жаркырашы да, мамилеси да бир аз салкын, бирок аябай сырлуу экен. Кыздар асманда жашап, атасы менен апасы – Күн менен Айдын түбөлүктүү бийинен кумарланышат экен – бирде Күн бийлеп чыкса, артынан Ай бийлейт экен.

Жылдан жылдар өтүп, алар зеригишиптир. Кыздар апасы бат-бат барып турчу планета – Жерге бармак болушуптур. Кыздардын атасы Күн буга каршы чыгыптыр, бирок апасы аны кыздарга уруксат берүүгө көндүрүптүр. Жерге түшүү үчүн кыздар өздөрүнүн жаркырашын жашырышыптыр, бирок сулуулугун жашыра алышпаптыр. Жерде аларды адамдар канышалардай кабыл алышыптыр. Кыздардын сулуулугуна ашык болгон жаш жоокерлер өз ара аёосуз күрөшкө чыгышыптыр.

**1. Ай менен Күндүн кандай кыздары бар эле?**
**2. Кайсы кызы Күнгө окшойт болчу?**
**3. Сыр кандай кыз эле?**
**4. Кыздар кантип жерге келип калышты?**
**5. Сенин оюңча, эми эмне болот деп ойлойсуң?**



Төмөндөгү сүрөттөрдүн кайсы бири темага байланыштуу?

Амуга, Сырга берилген мүнөздөмөнү китептен таап оку.

**Уңгулары окшош болгон кыймыл-аракетти билдирген сөздөр уңгулаш этиштер деп аталат.**
Мисалы: бар, барды, барган, барчу.

**Төмөнкү сөздөрдөн уңгулаш этиштерди түзүп, дептерге жаз.**
Жаша, бол, ук, ал, түш, көн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Билди, билбеди.
Билгенин билбестен сүйлөдү.
Билсе да билбейм деп,
Билгенин билбеди.



II

Кыздар буга таптакыр каршы болушуптур, бирок жигиттер да сөздөрүнөн кайтышпаптыр. Күндөрдүн биринде Сырдын жүрөгүндө күрөш катышуучуларынын бири болгон жерлик жигитке карата жаңы, өзү да түшүнбөгөн жылуу сезим жаралыптыр. Бирок кыз үчүн болгон күрөштө жигит курман болуптур. Мындан кайгыга баткан Сыр көпкө ыйлаптыр жана токойго кетип калыптыр. Айрылыкка чыдай албаган Аму сиңдисин издеп, эмендүү токойду аралай басыптыр.

Өзүндө Күндүн жаркырашын жашырган сулуу токойдун четине чыгып калыптыр жана жаңы өзөндү – сиңдисинин көз жаштарын көрүптүр. Ал Сырды жубатууга, кайра жылдыздардын арасына кайтууга көндүрүүгө аракеттениптир, бирок Сыр аны укпай, таптакыр кайгыга батыптыр. Күндөрдүн биринде ай жүздүү кыз жоголуп, анын ордунда сууга толо кең дарыя агып калыптыр.

Мындай кайгы Амуну да терең муңга салыптыр, анткени ал Сырсыз жашай албайт болчу. Ал тургай атасынын күн нуру да аны жубата албаптыр.

– Мени да өзүң менен ала кет! – кыйкырыптыр ал, дарыясиңдисине колун сунуп. – Мен сенсиз жашай албайм, ар дайым сенин алдыңда болоюн!

Дагы бир дарыя пайда болуп, сууга толуп ага баштаптыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошондон бери алар Амударыя жана Сырдарыя деп аталып калыптыр.

1. **Сыр эмне үчүн токойго кетип калды?**
2. **Аму эмне үчүн өзү жалгыз асманга кетпеди?**
3. **Сыр дарыяга айланганда Аму эмне деди?**
4. **Дарыялар чындап эле ушундайча пайда болгон деп ойлойсуңбу?**

**Макалдарды жаз, маанисин түшүндүр.**

Бир киши арык казса, миң киши суу ичет.

Бир тамчы суу – кумурскага дарыя көрүнөт.

Дарыянын суусун жаан ташкындатат.

Кучтүү болсоң – жердей бол, баарын чыдап көтөргөн. Таза болсоң – суудай бол, баарын жууп кетирген.

Суу сыйлаган зор болот, суу кордогон кор болот.




Берилген сөздөрдү уңгулаш этиштерге айландырып жаз.

| | | | |
|---|---|---|---|
| иш | кет | ич | кач |
| көр | бол | ак | сун |

## АККАН СУУ





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ай аккан суу, аккан суу,
Шылдыр мончок таккан суу,
Сыр дайрадан чоң туруп,
Сыр аякка баткан суу.

Ай аккан суу, аккан суу,
Асман кезип шашкан суу,
Тынч деңизден кең туруп,
Бир чыныга баткан суу.

Ай аккан суу, аккан суу,
Ар пендеге жаккан суу,
Карысы да, жашы да,
Кесирленип чачкан суу.

Ай аккан суу, аккан суу,
Жалпы ааламды баккан суу,
Ошентсе да баркы жок,
Ар кай жерде жаткан суу.

Ай аккан суу, бир күнгө
Сууң кургап түбүңдө,
Акпай калсаң ошондо,
Түшөр элең көңүлгө.

*Алыкул Осмонов*

**1. Ыр эмне жөнүндө экен?**
**2. «Карысы да, жашы да, Кесирленип чачкан суу» – деген ыр саптарын кандай түшүндүң?**
**3. Сууну үнөмдөө үчүн эмне кылуу керек?**
**4. Коромжуга учурап жаткан сууларды көрүп калсаң, эмне кылар элең?**



Ырдагы кыймыл-аракетти билдирген сөздөрду таап, аларды уңгулаш этиштерге айландырып жаз.

## БЫШЫКТОО

**1. Макалдардын ордун туура таап, көркөм оку.**


| | | | |
|---|---|---|---|
| жарыш | болот | суу | жүгүрүп |
| бир | элик | болбос | күрөш |


| | | |
|---|---|---|
| арык | күз | миң |
| казса | эчки | ичет |
| ичет | киши | жаз |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2. Түшүм майрамы кайсыл мезгилге туура келет экен? Төмөнкү сүрөттөр кайсыл темага байланыштуу экендигин тап.






3. Төмөнкү муундардан сөз түз. Түзгөн сөздөрүң менен сүйлөм түзүп, дептериңе жаз.

да та дүй
нө тарк ан
би ти ят

вин я да
лут пинг бу
лор ры тоо

4. Табият жөнүндө чакан аңгеме жаз.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-БӨЛҮМ.
# ТАЗАЛЫК – ДЕН СООЛУКТУН КЕПИЛИ









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТАЗАЛЫК – ДЕН СООЛУКТУН КЕПИЛИ



Ден соолук ар бир адамдан кылдаттыкты талап кылат. Жаштайынан аны таптай билүү керек. Убагында туура тамактануунун мааниси абдан зор. Ошондой эле дене тарбиялык көнүгүүлөрдү күн сайын жасап туруу өтө зарыл. Тамакты көп, иретсиз ичүү, жалкоолук, кирге жакын болуу ден соолуктун бузулушуна алып келет. Өзүңдү таза кармап, кир болуудан алыс болуп, өз убагында таза абада эс алуу менен ден соолугуңду чыңдасаң болот.

Ден соолукта болсоң гана сен күчтүүсүң, алдыга койгон максаттарың аткарылат, жаңы-жаңы ийгиликтерге жетишесиң. Элде: «Биринчи байлык – ден соолук», «Жашоо ырахаты – ден соолук» сыяктуу акылман сөздөр бекеринен айтылбаган.

*«Ден соолук» журналынан*

**1. Ден соолук эмнени талап кылат?**
**2. Ден соолукту чыңдоодо эң оболу эмне кылуу керек?**
**3. Эмнелер ден соолуктун бузулушуна алып келет?**
**4. Ден соолугуң жакшы болсо, эмнелерге жетишет экенсиң?**
**5. Ден соолук жөнүндө кандай накыл сөздөрдү билесиң?**

**Заттын атын билдирген сөздөр зат атооч деп аталат. Заттар жандуу жана жансыз болуп бөлүнөт.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Төмөнкү сөздөрдү жандуу жана жансыз зат атоочторго бөлүп жаз.

**Жандуу зат атоочтор** | **Жансыз зат атоочтор**

дарыгер, тамак, бала, китеп, мөмө, спортчу, суу, мугалим, самын

Топторго бөлүнгүлө, жандуу жана жансыз зат атоочторго сөз таап, сүйлөм түзгүлө.

**Төмөнкү сүрөттөргө көңүл бур.**





1. Сага кайсы сүрөттөгү тамактануу жакты?
2. Кайсы сүрөттөгү тамактануу туура эмес?
3. Сен кандай тамактанасың?
4. Тамактанууда кандай тазалыкка көңүл буруу керек?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Туура тамактануу

Туура эмес тамактануу

Тамакты шашылып ичүү

Тамакты өз убагында ичүү

Бирдей убакытта тамактануу

Сүйлөп отуруп тамактануу

Колду жуубастан тамактануу

Тамактанууда улууларды күтүп туруу

Сүрөттөн заттын атын билдирген сөздөрдү тап, аларды жандуу жана жансыз зат атоочторго ажырат.

Тамактанууда кандай тазалыкка көңүл буруу керектигин жаз.



## КАНДАЙЧА ТУУРА ТАМАКТАНУУ КЕРЕК?

Тамак-аш ар түрдүү, жаңы жана даамдуу болууга тийиш.

Чуркап баратып, кургак тамак жегенге болбойт.

Белгилүү бир убакытта тамактангыла жана дайыма ошол учурда тамактанууга аракеттенгиле.

Ашыкча тамак жеген зыяндуу.

Таттууну азыраак жегиле! Жемиштерден жана жашылчалардан көбүрөөк пайдалангыла!

Тамак өтө ысык болбоосу керек.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Куурулган, ышталган, туздалган тамакты көп жебегиле, алар даамдуу болсо да, пайдасы аз.

Тамакты көпкө чайнап, шашпай жутуш керек. Кечки тамакты уктаардан 2 саат алдын ичкиле.

**1. Берилген ар бир эреженин маанисин түшүндүр.**
**2. Ар күнү бир мезгилде тамактануунун пайдасы барбы?**
**3. Кандай тамактарды көп жеген зыян?**
**4. Уктаардан канча саат алдын тамактануу керек?**

Алма, өрүк, алмурут,
Бышып турат ийип шак.
Анын баарын эмне дейт?
Ойлонуп, тез жообун тап.
(ж…ш)

Сабиз, пияз, капуста,
Бадыраң бар, буурчак бар.
Баары өсөт бул жайда,
Ким айта алат жообун шар.
(к...о)



Жансыз зат атоочторго мисал келтир.

Табышмактагы жансыз зат атоочторду тап, аларга сүйлөм түзүп жаз.

## ТАЗАЛЫК

Эртең менен эрте тур,
Таза абадан дем алып.
Баарына керек тазалык,
Таза жуунуп, жасанып.

Көнүгүүнү так жаса,
Дене боюң түз өсөт.
Кол-бетиңди таза жуу,
Көңүлүңдү сергитет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ата-энеңдин кебине,
Эч буйдалбай кулак сал.
Эртең менен тамакты,
Шашылбастан ичип ал.

Мектебиңе күнүгө,
Боюң түзөп таза бар.
Кийген мектеп формаңды,
Тазалыгын байкап ал.

*Айсулуу Тойчубаева*

**1. Ырда тазалык жөнүндө эмнелер айтылган?**
**2. Эмне үчүн тазалык баарына керек деп ойлойсуң?**
**3. Өзүңдүн эртең менен тургандагы жасаган иштериң жөнүндө айтып бер.**
**4. Мектепке тазалыкты кантип алып келүүгө болот?**

**ТАЗАЛЫК**

- **Таза жүрүү**
- **Тишти тазалоо**
- **Жаман нерсени кармабоо**
- **Окуу куралдарын таза кармоо**
- **Булганыч жерлерге барбоо**
- **Колду самындап жууш**

Жандуу заттарды билдирген сөздөрдү таап, айтып бер.

**Макалдарды толуктап жаз.**

Таза жүрсөң, ... болосуң.

Тазалык – ... булагы.

Таза жүргөндүн ... сак.

Дени сактын ... узун.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЭРТЕҢ МЕНЕНКИ ТАМАК – ДЕН СООЛУККА ПАЙДАЛУУ

Азамат эртең мененки тамактанууну каалабайт. «Курсагым тойду», «Мектепке кеч каламын» деген сыяктуу шылтоолор менен мүмкүн болушунча аз тамактанууга аракет кылат.



Бирок, бул туура эмес. Эгер билсең, эртең мененки тамактануу ден соолуктун кепили болуп саналат.




Адатта, апасы Кубанычты эртең мененки тамак даяр болгонго чейин ойготпойт. Ошондуктан тамактанууга отурганда, Кубанычтын организми уктап жаткан болот. Организмдин уйкудан ойгонуусу үчүн жок дегенде жарым саат убакыт керек. Мындай абалда курсагынын ачканы сезилбейт. Эртең менен тамактанбаган Кубанычтын курсагы биринчи сабак бүтпөй эле ачып калат. Ошондуктан Кубаныч эрте ойгонууга тийиш...

...Көбүнчө сабактарды жакшы өздөштүрбөй, кээде «2» же «3» баа алган Мирбек эртең мененки тамакты ичпей келген болот. Мирбектин курсагы тез ачып, мээси мугалимдин сөздөрүн иликтей албай калат. Себеби, бул убакытта мээ ач курсак менен алек болот.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE



Демек, үлгүлүү окуйм жана ден соолугум чың болсун десең, сөзсүз эртең менен тамактан. Эртең мененки тамактанууда сүт азыктарын, жаңгак, мейиз жана мөмөлөрдү көп-көп жегенге адаттан.

1. Эмне үчүн көпчүлүк балдар эртең мененки тамактанууну каалабайт?
2. Организмдин ойгонуусу үчүн канча убакыт керек болот?
3. Тамактанбай келген балдардын мээси мугалимдин сөзүн эмне үчүн иликтей албайт?

**Адамдарга, айбанаттарга, жер-сууларга жана башка нерселерге коюлган жеке аттар энчилүү зат атоочтор деп аталат. Энчилүү аттар ар дайым баш тамга менен жазылат.**



Тексттеги энчилүү аттарды таап айтып бер жана алар катышкан сүйлөмдү көчүрүп жаз.

## «ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ТАРТИП» аудиотекстин ук



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1. Чыгарма кимдер жөнүндө экен?**
**2. Бир туугандар кайсы жерде жашашат?**
**3. Ата-энеси ким болуп иштешет?**
**4. Элеман эмнени эсинен чыгарды?**
**5. Кичинекей Назгүл апасынан эмнени сурады?**
**6. Атасы балдарынын эмнесине ыраазы болду?**
**7.Чыгарма сага эмнеси менен жакты?**

Тексттеги энчилүү аттарды айтып бер .
Төмөнкү сөздөргө энчилүү аттарды тап жана сүйлөм түзүп жаз.

| айыл | адам | шаар | облус |
| --- | --- | --- | --- |

Мисалы: айыл – Элчибек. Керим ата Элчибек айылында жашайт.

## КҮН ТАРТИБИҢДИ САКТА

Адамдын организми көптөгөн инфекциялар менен күрөшөт. Силер бул иште организмиңерге жардам бере аласыңар.

Эгер силер күндө белгиленген убакта уктап, тамактанып, иштеген болсоңор, организмиңер ушул тартипке көнөт да, толук күч менен иштеп, аз чарчайт жана көп оорубайт.

Уйкуну кандыруу өтө маанилүү. Силердин уйкуңар суткасына 10 сааттан кем болбостугу керек. Уктаган учурда организм калыбына келет.

Организмиңди чыңда!

Ден соолугу чың адам суук тийген илдеттер менен оорубайт. Ден соолугуңарды чыңдоого Күн, суу, аба жардам берет.

**1. Инфекция деген эмне?**
**2. Организм инфекциялар менен күрөшүү үчүн эмне кылуу керек?**
**3. Уйкунун организм үчүн мааниси кандай?**
**4. Ден соолугу кандай адам суук тийген илдеттер менен оорубайт?**
**5. Организмди чыңдоо үчүн эмне кылуу керек деп ойлойсуң?**

**Бир күнгө үй-бүлө үчүн пайдалуу болгондой меню түзгүлө.**

| Эртең мененки тамак | Түшкү тамак | Кечки тамак |
| --- | --- | --- |
| | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1-мамычадагы сүйлөмдөрдү 2-мамычадагы сүйлөмдөр менен байланыштырып оку.

Адамдын организми көптөгөн инфекциялар менен күрөшөт.

**Ден соолугу чың адам суук тийген илдеттер менен оорубайт. Ден соолугуңарды чыңдоого Күн, суу, аба жардам берет.**

Уйкунун канганы өтө маанилүү...

**Эгер силер күндө белгиленген убакта уктап, тамактанып, иштеген болсоңор, организмиңер ушул тартипке көнөт да, толук күч менен иштеп, аз чарчайт жана көп оорубайт.**

Организмиңди чыңда

**Силердин уйкуңар суткасына 10 сааттан кем болбостугу керек.**

**Заттардын жалпы жана жеке аттары болот.**

| Жалпы аттар | Жеке аттар |
|---|---|
| шаар | Ташкент |
| мамлекет | Өзбекстан |


**Төмөнкү сөздөрдү жалпы жана жеке аттарга ажыратып жаз:**
адам, Фергана, жаныбар, Шарик, суулар, Медет, Нарын, китеп, «Тарбия», шаар.

**Эмне үчүн жеке аттар баш тамга менен жазылган?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Биринчи мамычадагы сүрөттөрдө эмнелер бар деп ойлойсуң?
2. Экинчи мамычадагы сүрөттөрдөчү?
3. Үчүнчү мамычадагы сүрөттөрдөн эмне алынат?
4. Жогорудагы сүрөттөрдүн организм үчүн кандай пайдасы бар?
5. Белоктор кайсы азыктандыруучу заттарда болот?
6. Майлар эмнелерден алынат?
7. Майлуу тамактарды кайсы учурда жесе болот?





| | |
|---|---|
| Углеводдор | **Нан, күрүч, картошка, макарондо адамдын өсүшүнө жана кыймыл-аракетине зарыл энергия берүүчү углеводдор бар.** |
| Белоктор | **Белок сүттө, быштакта, этте, балыкта, буурчакта болот. Белок дене үчүн негизги азык болуп эсептелет.** |
| Майлар | **Май этте, жууган майда жана өсүмдүк майында, жаңгактарда болот. Майлуу тамак кара жумушта иштегенде жана аба-ырайы суук учурда керек.** |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## БИЗДИН ТАМАК-АШ

| МАЙЛАР | БЕЛОКТОР |
|---|---|
|  |  |
| **УГЛЕВОДДОР** | **ВИТАМИНДЕР** |
|  |  |
| **Туура тамактануу өтө маанилүү!** | |

Жалпы жана энчилүү аттарды катыштырып, сүйлөм түзүп жаз.

## ВИРУС ДЕГЕН ЭМНЕ?

Сүрөттөрдү кара. Вирустан сактануу үчүн эмне кылуу керек? Кайсы сүрөттө вирустан сактануу эрежелерин көрсө болот? Вирустан сактанууга кайсы сүрөт туура келбейт.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1. Грипп же Covid-19 сыяктуу вирустар жөнүндө эмнелерди билесиң?**
**2. Вирустан сактануу үчүн дагы кандай иш-чараларды көрүү мүмкүн?**
**3. Вирустар көбүрөөк кандай жерлерде болот?**
**4. Вирус жана оорунун алдын алуу үчүн эмне кылуу керек?**

**Берилген сөздөрдү туура оку жана жаз:**

вирус | вакцина | грипп | ковид

бактерия | антивирус | карантин | пандемия

Сүрөттөргө байкоо жүргүз. Карантин мезгилинде убакытты туура жана мазмундуу өткөрүү үчүн сунуштарыңды жаз.





**Кыргыз тилинде алты жөндөмө бар.**

| Т/н | Жөндөмөлөр | Мүчөлөрү | Суроолору | Сөздөр |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Атооч | – | Ким? Эмне? | бала |
| 2 | Илик | -нын | Кимдин? Эмненин? | баланын |
| 3 | Барыш | -га | Кимге? Эмнеге? | балага |
| 4 | Табыш | -ны | Кимди? Эмнени? | баланы |
| 5 | Жатыш | -да | Кимде? Эмнеде? | балада |
| 6 | Чыгыш | -дан | Кимден? Эмнеден | баладан |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Заттын атын билдирип, ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берген жөндөмө атооч жөндөмө деп аталат.**

**Төмөнкү сөздөр кайсы жөндөмөдө экендигин аныкта:**
вирус, микробдун, бактерияга, оору, гриппте.

**Сөздөрдү жөндөмөлөрдө жөндөп жаз:**
китеп, дары, витамин.

## ПАНДЕМИЯ ЖОГОЛСУН!

Вирус дагы табиятка
Өгөй эмес, өз болот.
Качан гана таза жүрсөк,
Ал таптакыр жоголот.

Ага каршы күрөшкөнү
Биз дайыма даярбыз.
Өз маалында тамактанып,
Ден соолукка карайбыз.

Эртең менен эрте туруп,
Гимнастика жасайбыз.
Күн тартиби бизге жолдош,
Жыргап-куунап жашайбыз.

Бүткүл дүйнө – бүт адамзат
Бирин-бири колдосун!
Тилегибиз – Жер жүзүнөн
Пандемия жоголсун!

*Анвар Зулпихаров*

**1. Вирус качан жоголот?**
**2. Оорулардан алыс болуу үчүн эмне кылышыбыз керек?**
**3. Вируска каршы кантип күрөшөбүз?**
**4. «Бүткүл дүйнө – бүт адамзат**
**Бирин-бири колдосун!» – деген ыр саптарын кандай түшүндүң?**

Ырды көрктүү оку.

**Нерсенин кимге, эмнеге таандык экенин илик жөндөмөсү билдирет. Бул жөндөмө кимдин? эмненин? деген суроолорго жооп берет. Жөндөмөнүн мүчөсү -нын уңгудагы үндүү, үнсүзгө карай өзгөрөт.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Заттын атын билдирген сөздөрдү тап, алар кайсы жөндөмөдө турганын аныкта.

Төмөндөгү сөздөргө илик жөндөмөнүн **-нын** мүчөсүн улап жаз жана сөздөргө суроо бер.

Вирус, табият, күн, дүйнө, оору, биз.

## СЕН МЕНИН КААРМАНЫМСЫҢ

**I**

Сара үчүн каарман – анын апасы, анткени ал дүйнөдөгү мыкты эне, мыкты окумуштуу. Бирок, Саранын апасы да коронавирустан айыктыруучу дары таба албай жатат.

– COVID-19 кандайча көрүнөт? – деп сурады Сара апасынан.

– COVID-19 же коронавирус, ушунчалык кымындай, аны көрүү мүмкүн эмес, – деп жооп берди ага апасы.

– Ал оорулуу адамдар жөтөлгөндө, чүчкүргөндө же айланадагы адамдарга же буюмдарга тийгенде жайылат. Оорулардын дене табы көтөрүлүп, жөтөлөт, дем алуусу кыйындашат.

– Эгер биз аны көрбөсөк, аны менен күрөшүүгө да болбойбу? – деп сурады Сара.

– Аны менен күрөшсө болот, – деп жооп берди апасы. – Мына эмне себептен сен абайлашың керек, Сара. Вирус ар түрдүү адамдарга таасир этет, алардын ар бири вирус менен күрөшүүдө бизге жардам бере алат. Мында балдардын ролу өзгөчө, алар да жардам бере алышат. Сен баарыбыз үчүн этият болушуң керек. Сен мен үчүн каарман болууга тийишсиң.

Бул түнү керебетте жатып, Сара өзүн каарман катары сезбеди. Анын маанайы чөктү. Ал мектепке баргысы келди, бирок мектеп жабылган. Ал достору менен жолугушкусу келди, бирок бул да кооптуу. Сара коронавирус анын дүйнөсүнө жолтоо болбошун каалап турду.

– Каармандардын супер жөндөмдүүлүктөрү бар, – деди ал өзүнө-өзү үргүлөп баратып. – Менде кандай супер жөндөмдүүлүк болду экен?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Капыстан караңгыда аны атынан чакырган жумшак үн угулду.

– Ким бул жерде? – деп шыбырады Сара жооп берип.

– Сара, сен каарман болушуң үчүн эмне керек? – деп сурады үн.

– Мен дүйнөдөгү бардык балдарга өзүн кантип коргоо тууралуу, алар калган бардык адамдарды коргой алгыдай айтып берүү ыкмасын табуум керек, – деп жооп берди Сара.

– Сага менден эмне керек? – сурады үн.

– Мага уча турган, катуу сүйлөй ала турган... жардам бере ала турган нерсе керек!

Ышкырык угулуп, ай жарыгында ишене алгыс нерсе көрүндү..

– Сен кимсиң? – таңыркады Сара.

– Мен Арио, – деп жооп берди жандык.

**1. COVID-19 деген эмне?**
**2. Эмне үчүн Сара апасын каарман деп эсептейт?**
**3. Эмне үчүн Сара мектепке бара албады?**
**4. Каармандардын кандай супер жөндөмдүүлүгү болот деп ойлойсуң?**
**5. Сара да каарман болоруна ишенесиңби?**

**Төмөнкү сөздөр кайсы жөндөмөдө турганын аныкта.**

Эне, Саранын, адамдарга, буюмдарга, сага, бизге, анын, үн, мектеп.

«Сен менин каарманымсың» аудиотекстинин 2-бөлүгүн ук.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. **Ариону кандай элестеттиң?**
2. **«Сенин жүрөгүңдө пайда болгонмун» дегенин кандай түшүнөсүң?.**
3. **Алар кайсы өлкөлөргө кетти деп ойлойсуң?**
4. **Алар эмне үчүн кол берип учурашпады?**
5. **Салем кайсы өлкөнүн кулуну?**
6. **«Үйүңөргө барып, жакындарыңарга айткыла: үйдө кооптуу эмес! Бири-бирине кам көрүүнүн жолу – үйдө калуу!» – деп ким айтты?**

**Берилген сөздөрду жөндөгүлө.**

| Жөндөмөлөр | Жөндөмө мүчөлөр | Сөздөр |
|---|---|---|
| Атооч | | Арио, биз, балдар, суу |
| Илик | -нын | |
| Барыш | -га | |
| Табыш | -ны | |
| Жатыш | -да | |
| Чыгыш | -дан | |



### III

Алар ылдыйлап отуруп, аягында чакан айылга конушту. Үйгө жакын жерде кыз гүл терип жүргөн. Ариону жана анын канатында олтурган балдарды көрүп, ал күлүп жиберди.

– Арио! – деп чакырды ал. – Биз бири-бирибизге бир метрден жакын келсек болбойт, ошон үчүн мен сага абадан кучакташуу жөнөттүм! Силер бул жерде эмне кылып жатасыңар?

– Саша, сен антип айтканыңда сен мени кантип кучактап жатканыңды сездим, – деди Арио. – Сөз менен жана аракет менен кам көрүүнү билдирүү – кандай керемет! Мен өзүмдүн досторума сенин супер жөндөмдүүлүгүңдү көрсөтөйүн дегем.

– Менде кандай супер жөндөмдүүлүк бар эле? – деп таңданды Саша.

– Сенин туугандарыңдын бири ооруп калгандыктан, эч кимге коронавирус жуктурбоо үчүн сен үйдө калдың да, – деп түшүндүрдү Арио.

– Ооба, менин атам ооруп калды. Ал толук айыкканга чейин уктоочу бөлмөдө болот, – деди Саша.

Арио баарын үйлөрүнө жеткирип, учуп кетээрден мурда Сара уктагыча күтүп турду.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Эртең да ушулар менен алектенелиби? – деп сурады андан Сара.

– Жок, Сара. Сен өзүңдүн жакындарың менен болчу убакыт келди, – деп жооп берди Арио.

– Биздин керемет окуяларыбызды унутпа. Өзүңдү жакшы көргөндөрдү коргоо үчүн үйдө болуу керек. Мен дайыма жанындамын. Сен өзүңдүн коопсуз ордуңа олтуруп, ар дайым мени менен боло аласың.

– Сен менин каарманымсың, – деп шыбырады ал.

– А сен – менин каарманымсың, Сара. Сен өзүңдү жакшы көргөндөрдүн бардыгы үчүн каармансың, – жооп берди ал.

Сара уктап кетти, эртең менен көзүн ачканда, Арио жок эле. Ошондо ал өзүнүн коопсуз жайына аны менен сүйлөшүү үчүн жөнөдү, андан кийин ал укмуштуу саякат учурунда алар көргөн жана билгендери тууралуу сүрөт тартты. Анан сүрөттү көрсөтүп, бардык билгендери тууралуу айтып берүү үчүн апасына чуркады.

– Апа, биз бардык адамдарды коргой алабыз, – деп кыйкырды ал. – Укмуштуу окуяларда мен көптөгөн каармандар менен тааныштым!

– Сара, сен туптуура айттың! – деди ага апасы.

– Жер жүзүндө адамдарды коронавирустан коргогон көптөгөн каармандар бар, мисалы, укмуштуудай дарыгерлер жана медайымдар. Бирок сен күн өткөн сайын ар бирибиз каарман боло алышыбызды эске салдың.

Мен үчүн эң улуу каарман – бул сенсиң!

*Бул долбоорду IASC MHPSS RG*
*катышуучу агенттиктеринин эксперттери*
*эл аралык регионалдык жана улуттук деңгээлде*
*колдошкон, ошондой эле 104 өлкөдөн ата-энелер,*
*тарбиячылар, мугалимдер жана окуучулар да колдогон.*

**1. Саша атасы жөнүндө эмнелерди айтып берди?**
**2. Бул чыгармада каармандар кимдер деп ойлойсуң?**
**3. Сара укмуштуу саякаты жөнүндө эмне кылды?**
**4. Кантип бардык адамдарды коргой алабыз?**
**5. Коронавурустан коргогон каармандар кимдер?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Барыш жөндөмөсү заттын кыймыл-аракетинин кимге, эмнеге багытталганын билдирип, кимге? эмнеге? деген суроолорго жооп берет. Мүчөсү -га уңгуда үндүү, үнсүзгө карай өзгөрөт.**

Төмөнкү сөздөргө барыш жөндөмөсүнүн **-га** мүчөсүн жалгап жаз жана аларга суроо бер.

Алар, айыл, үй, Арио, Саша, сөз, ата, бөлмө, Сара, сүрөт, апа, дарыгер, каарман.

## ТАБИЯТТЫ САКТАЙБЫЗ









1. Сүрөттөрдөн эмнелерди көрүп жатасың?
2. Досторуң табиятты коргоп жатышабы?
3. Булардын ордунда болсоң, сен эмне кылган болот элең?
4. Табиятты коргоо үчүн эмне кылуу керек?





1. Бул балдар табиятка кандай жардам беришет?
2. Эмне үчүн көчөттөрдү тигип жатышат?
3. Жашыл жаратылыштын бизге кандай пайдасы бар?
4. Канаттууларга эмне үчүн жардам беребиз?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жогорудагы сүрөттөргө сүйлөм түзүп жаз.

**Табыш жөндөмөсү кыймыл-аракет багытталган затты билдирет жана кимди? эмнени? деген суроолорго жооп берет.**
**Мүчөсү -ны уңгуда үндүү, үнсүзгө карай өзгөрөт.**

Төмөндөгү сөздөргө табыш жөндөмөсүнүн **-ны** мүчөсүн жалгап жаз.

Көчөт, гүл, куш, уя, дарак, арык.

## ТОКОЙЛОР ЖЕРДИН КӨРКҮ



Туулуп-өскөн кичи мекенимди сагындым. Мен эс тарткан-да ата-энемдин жумушу менен шаарга келип жашап калдык. Ызы-чууга толгон көңүлсүз шаардан да кез-кезде тажап ке-тем. Шаардын сыртына, таза абага чыгып эс алгым келет. Мына азыр да эс алуу үчүн айылга баратам.

Каналдан өткөндөн кийин жаңы түшкөн айыл, андан ары 3–4 километрге созулуп жаткан каражыгач токою бар. Көп жылдык каражыгачтар бой салып, бири-бирине кынала өсүп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

турушчу. Токойдун арасындагы калың чөп белден өтүп буралып турчу. Ал эми каражыгачтардын башында чурулдаган канаттуулардын чуру-чуусу басылчу эмес. Алардын түркүн түрү: үкү, чымчык, сагызган, ала боор жана башка үн безеп, тынбай сайрап турушчу.

Азырчы… Алардын бири да жок. Бир топ алыска созулуп жаткан токойдон дайын жок. Ыйлагым келип кетти. Менин бактылуу балалыгымды бирге өткөргөн ошол каражыгачтардын дүмүрү да калбаптыр. Жадагалса, отунга деп дүмүрүн да казып кетишиптир.

Эсимде… Мен 2-класста окуп жатканымда айлыбыздан бир киши кайтыш болду. Өзү жаш, төрт баласы бар эле. Жакшы эле жүрүп, капыстан эле бир күнү оорудан жыгылып, көп өтпөй каза болду. Кийин адамдар айтып жүрүштү. Ал ошол каражыгачтардын каарына калыптыр. Алардын да ээси бар экен. Ал бак-даракты аёосуз кыркып, майда-майда кылып бутап, отунга даярдап, короосуна толтуруп жыйып алган экен. Табиятка кордук көрсөткөнү үчүн ал отундар, кара ашына буйруган экен, деп айтып жүрүштү.



Табиятты, айрыкча токойлорду сактайлычы! Бак-дарактарды аёосуз кеспейличи! Ойлонолучу! Токойлор жердин көркү, адам баласына абаны тазалап берчү негизги механизм болуп саналат эмеспи.

**1. Агайыбыз туулуп өскөн айылына эмне үчүн барды?**
**2. Каражыгач токою кандай эле?**
**3. Азыркы күндө да ошондой бекен?**
**4. 2-класста окуп жатканда кандай окуя болгон эле?**
**5. Табият жазалайт, дегенди кандай түшүндүң?**
**6. Токойлордун биздин жашообуздагы пайдасы кандай?**

**Көк менен берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз.**
Тексттен жөндөмө мүчөлөрү уланган сөздөрдү таап, айтып бер.

## ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО (акро ыр)

Жан-жаныбар тоо-токойду мекендеп,
Ала-Тоодо болгон түрү эчен көп.
Райым кылгын табиятка Адамзат,
Айтам сага «кайра жүгүн көтөр», – деп.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Табият – бул жол караган наристе,
Ыйлап турат карды ачкан таризде.
Лом, күрөгүң белен кылгын, жан досум,
Ыргалсын тал тоо суусунан дагы ичсе.
Шарпылдаган көп толкундуу көлү бар,
Токою бар, белге чыккан чөбү бар.
Ырыс-кешик кут төгүлгөн жергебиз,
Кана досум, кооздугун көрүп ал.
Оргуп чыккан булак үнү шырылдап,
Рахат берет, булбул бакта ыр ырдап,
Гүлүн багып, тоосун корго мекендин,
Ошондо чоң, кең келечек курулмак,
Ойрон болсо, оңдолбос ал кылымдап.

**Акро ыр** (грекче – *четки ыр*) – сабынын башындагы тамгаларды жогорудан ылдый карай окуганда, кандайдыр сөз келип чыккан тартипте түзүлгөн ыр.



**1. Ырдын ар бир сабындагы баш тамгаларды жогорудан ылдый карай оку.**
**2. Ыр эмне жөнүндө экен?**
**3. Табиятты эмнеге салыштырып жатат?**
**4. Лом, күрөктү эмне үчүн беленде деп жатат?**
**5. Мекенибиздин жаратылышы кандай сүреттөлгөн?**

Ырдын төрт сабын эске тутууң менен жаз.

**Жатыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтор кыймыл-аракеттин каерде болгонун, заттын кимде, эмнеде экендигин, ордун билдирет. Кимде? эмнеде? деген суроолорго жооп берет.**
**Мүчөсү -да уңгуда үндүү, үнсүзгө карай өзгөрөт.**

Өзүң сөз таап, жатыш жөндөмөсүнүн **-да** мүчөсүн жалгап жаз.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «СУУ КОРДОГОН КОР БОЛОТ» аудиотекстин ук





1. Досуңар жайкы каникулду кайда өткөрдү?
2. Чоң энеси менен кандай жумуштарды аткарчу?
3. Чоң атасы эмнеге ачууланды?
4. Суу жөнүндө айткан жомогун түшүнүгүң боюнча сүйлөп бер.
5. Айылга келген апаатка эмне себепкер болгон?
6. «Суу кордогон кор болот, суу сыйлаган зор болот» деген макалды чечмеле.

Төмөнкү рамкалардын ичиндеги тексттер кимге карата айтылган?

– «Сени ата-апаң биротоло эле шаардык кылып коюптур! Билбейсиңби, сууга мындай ыпырларды таштап булгабаш керектигин! Бизден кийин канча адамдар ушул суудан ичишет. А сен болсо булактын башына туруп алып, аны булгайсың. Мындан кийин ыпырларды топтоп, тиги четке алып барып таштагын», – деди да басып кетти.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мындан көп жылдар мурун айылдагылардын малдарына оору тийип кырылып, эгин эксе, анысы жерден чыкпай, чыкса да, түшүмү жакшы болбой, суу тартыш болуп, кымбатчылык болот экен. Аз гана түтүн эл болсо да, булактын суусуна мурап шайлашып, эл аябай кыйналыптыр. Бир туугандардын ортосунда ынтымак жоголуп, уруш-талаш көбөйүп, ал элден береке качыптыр.

Көрсө, элдин баары эле талаадагы кекилик, уларды, кийикти койбой эле четинен атып, анан аны өздөрү жебей сатып жатышыптыр. Аялдар болсо илгертен калган салтты бузуп, ар дайым базарга сүт, кымыз, сүзмө, айран жана башка ушундай ак нерселерди сатып жатат. Жаш балдар сууга ойноп ар нерсени ташташат. Келиндер таң ата турушуп, эшик шыпырганда, ыпырдын баарын арыктагы сууга агызышат.



**Чыгыш жөндөмөсүндөгү заттар кыймыл-аракеттин башталган ордун көрсөтөт. Кимден? эмнеден? каяктан? деген суроолорго жооп берет. Мүчөсү -дан уңгуда үндүү, үнсүзгө карай өзгөрөт.**

Сөздөргө чыгыш жөндөмөсүнүн **-дан** мүчөсүн жалгап жаз.
Кекилик, улар, кийик, сүт, кымыз, сүзмө, айран.

## ҮЧӨӨ ЭМНЕ ҮЧҮН ДОС БОЛО АЛЫШПАЙТ?

Бөжөк менен Бөлтүрүк токойдун арасынан таанышып калышты.


– Сен кимсиң? – деп сурады Бөжөк.

Анын узун кулагынан коркуп кеткен Бөлтүрүк:

– Бөлтүрүк, – деди да, эсине келгендей, – Сиздин атыңыз ким? – деп сурады. Бөжөк анын corkконуна корстон болуп:

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



– Бөжөк, – деди.

Аңгыча токойдон энесинен адашып, Бачики чыга калды да:

– Байкелер, силер ким болосуңар? – деп тигил экөөнө сылык кайрылды. Анын коркуп жатканын сезген Бөжөк:

– Менин атым Бөжөк, а бул менин иним Бөлтүрүк. Эми сен да өзүңдү тааныштырчы? – деди.

– Менин атым – Бачики.Түлкүнүн баласы боломун.

Үчөө кечке ойноштту да, кечинде тарап кетишти.Ар кимиси апасына ушинтип ойногонун айтышты. Бөжөктүн апасы катуу урушту да: – Үчөөң эч качан дос боло албайсыңар, – деди.

Эмне үчүн үчөө дос боло алышпайт? Бөжөк ушул кезге чейин бул суроого жооп таппай, ойлонуп жүрөт.



**1. Кимдер биринчи таанышып калышты?**
**2. Булар эмнелердин балдары?**
**3. Ойлонуп көрчү, эмне себептен үчөө дос боло алышпайт?**
**4. Эмне үчүн Бөжөктүн апасы катуу урушуп, жибербей койду?**
**5. Сен аюунун, суурдун, мышыктын, эликтин баласы кандай аталышын билесиңби?**

Төмөнкү жадыбалды толтур.

| Билем | Билдим | Билгим келет |
|---|---|---|
| ? | ? | ? |




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Макалдарды окуп, мааанилерин түшүндүр.**
Эзелки досуң кас болбос,
Эзелки касың дос болбос.

Колтукташкан дос эмес,
Колун берген дос.

**Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө.**
Коён, түлкү, карышкыр, бөжөк, бөлтүрүк, бачики.

## АКБАРДЫН ДАРАГЫ



Эрте жаз эле. Акбар жаш чырпыктан сындырып алып, ат кылып минип ойноп келатты. Бир чырпыкты камчы кылып алган. Арыктын жээгин бойлой тамдын артына келсе, чоң атасы бир нерсенин бутактарын жерге сайып жатат. Чоң атанын колундагы бактын бутагы өзү ат кылып минип жүргөн чырпыкка окшош экен. Аны көрүп, чоң атасы да бактан чырпык сындырып алып, ат кылып ойноп жүргөндөй көрүндү. Анан мындай деп сурады:

– Чоң ата, бул чырпыктарды сиз да ат кылып минип ойнодуңузбу?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Небересинин бул сөзү чоң атанын күлкүсүн келтирди.

– Жок, – деди чоң атасы – Мен сага окшогон тентектер сындырып кетпесин деп, чырпыктарды бул жерге сайып, отургузуп жатам.

– А булар эмне болот анда?

– Булар тетиги бактардай болуп, көкөлөп өсөт. Үйүбүздүн айланасына көрк берет. Ага булбулдар конуп сайрайт.

– А мен да чырпыгымды өстүрсөм болобу? Ал да ошентип өсөбү?

– Ооба, ананчы, – деди да, чоң ата Акбар ат кылып минип жана камчыланып келген эки чырпыкты жерге сайып койду. Түбүн бекемдеп бекитти.

– Эми күнүгө арыкка суу жүргүзүп тур, – деп эскертти чоң атасы арыкты көрсөтүп, – Антпесең, куурап калат. Эчкилерден, улактардан корго. Алар кемирип кетет, уктуңбу? Анан чоңоюп көкөлөп өскөндө, «Акбардын дарагы» деп элдин баары сени мактап айтышат.

Акбар жаңы сайган чырпыкка «Менин да көкөлөп өскөн дарагым» болот, деп сыймык менен карады.



Арадан күндөр өттү. Чырпык татынакай болуп бүрдөдү. Келерки жылы андан да көрктөнүп өстү. Көк тиреген дарактар кенедей эле чырпыктан өсүп чыгарын түшүнүп, Акбар таң калды.

Жылдар өтүп, баягы дарактар таң кечке булбул сайраган дүпүйгөн бакка айланарын, элдин баары ал жерге келип көлөкөлөп эс алып, аны «Акбардын дарактары» деп атап, суктанарын кыялданып турду.

*Сулайман Рысбаев*

**1. Акбар эмне минип ойноп жүргөн?**
**2. Чоң ата чырпыктарды эмне кылды?**
**3. Акбар эмнеге таң калды?**
**4. Эмне үчүн «Акбардын дарагы» деп аталып калды?**

Жыл сайын узара берет
Ал имаратка керек.

Жайдын күнү кийгенин,
Кыштын күнү чечинген.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Макалдарды толуктап жаз, жөндөмө мүчөлөрү жалганган сөздөрдүн астына сыз.

Чырпыктан ... жасалат.
Дарак бир ... көгөрөт.
Теректей ... бергенче,
Теменедей ... бер.

## «МЭЭРИМДҮҮ КАНАТТУУЛАР» аудиотекстин ук







1. Канаттуулардын уясы эмне үчүн касиеттүү көрүнчү?
2. Бала уяларды байкап жүрүп, кандай окуянын күбөсү болду?
3. Чыйырчыктын балдарына кандай жардам беришти?
4. Эмне үчүн бул сары ооз балапандарга бардык чыйырчыктар жем ташышты?
5. Күйүмдүүлүк дегенди кандай түшүндүң?

Төмөнкү сүйлөмдөр кимдерге байланыштуу экенин тап.





Кайдан-жайдан жетип келген ителги чыйырчыкты «шап» илип алып, туура жакка зыпылдай учту.

Тырмактууга чыйырчык жем, азуулууга чаарчык жем. Тагдыр ошондой, балам...

А күйүмдүүлүктү ушул чыйырчыктардан үйрөнсөкчү!..

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



– Уяга колуңду тийгизбей жүр. Энеси жумурткасын баспай коёт.

– Башына оордук келгенде, биз кишилер ушул чыйырчыкчалык жардам этебизби?

Мен да чыйырчыкка кантип жем берүүнүн аргасын ойлодум.

**Төмөнкү сөздөрдү жөндө.**
Чыйырчык, ителги, жар боору, чаарчык.

## НУРКЫЗ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

Барскоон айылында кичинекей бир кыз жашаптыр. Апасы дүйнөдөн көз жумуп, кыз өгөй энени колунда өсөт. Өгөй энеси алгачкы күндөн эле кызын жактырбайт. Ага оор жумуштарды жасатат. Күндөрдүн биринде энеси үлпөткө жөнөйт. Нуркызды үйгө таштап кетет. Ал бурчка отуруп алып ыйлайт. Бир кезде кимдир бирөө анын башынан сылайт. Бул боорукер Пери апа эле.

– Нуркыз, үлпөткө барганды каалап турганыңды мен билем. Ошондуктан мен сага жардам берем. Сен барып, огороддон эң чоң ашкабакты, сарайдан козу менен улакты алып келгин, – деди Пери апа.

Нуркыз баарын алып келет. Пери апа сыйкырдуу жоолугун тигил нерселерге тийгизет. Бирок, эч нерсе болбойт. Таң калган Пери апа:

– Нуркыз, бул ашкабак кайда өстү эле? Эмне менен сугардың эле?

– Ах, Пери апа, мындан бир нече күн мурда радиоактивдүү жаан жаап өттү эле. Ал болбосо, баары жакшы болот эле, – деди Нуркыз.

– Мага баары түшүнүктүү. Арабанын деле кереги жок. Сен атчан жүргөндү жакшы көрөсүң да. Мен сыйкырдуу жоолугумду жайсам эле, сыйкырдуу атка айланат. Ал эми козу менен улакты сенин досторуңа айландырам, – деди Пери апа.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Ах, апаке, бул козу менен улак Барскоондун суусунан ичип, огороддогу өскөн чөптөрдү, дандан алынган жемди жесе керек эле.

Пери апа:

– Оо, адамдар, жада калса менин сыйкырдуу жоолугум да булардын алдында алсыз болуп калган турбайбы? Ал түгүл менин боорукерлигим да Нуркыздын тойго баруусуна жардам бере албады, – деп капа болду.

Карагылачы, балдар, ууланган Барскоон суусунун жээгинде өскөн өсүмдүктөргө, жан-жаныбарларга тийгизген таасири кандай болду? Ал тургай Пери апанын сыйкырдуу жоолугунун да алы жеткен жок. Экологиянын тазалыгын ар дайым сактоо керек.

**1. Нуркыз каерде жашайт? Ал кайда баргысы келди?**
**2. Ага кимдин боору ооруду?**
**3. Радиоактивдүү жаан дегенди кандай түшүнөсүң?**
**4. Пери апа кызга эмне үчүн жардам бере албады?**
**5. Экология дегенди чечмеле.**



Сүрөттөр менен бул жомоктун кандай байланышы бар деп ойлойсуң? Булар кайсы мультфильмдерден алынган?





**Төмөнкү тамгаларга сөз таап, ирети менен жөндөмө мүчөлөрүн кошуп жаз.**

Н – нан
У – уянын
Р – радиого
К – канатты
Ы – ынтымакта
З – зымдан

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АЮУ КАНТИП ТАМАНЫН СОРУП КАЛГАН?





Илгери аюу башка жаныбарлардай эле кыштыр-жайдыр аң уулап, өзүнүн алы жеткен жаныбарларды кармап жеп күн көрчү экен. Бирок, өтө майпаңдыгынан көп убакта ачка калуучу. Ошондон улам ачкасынан чөп-чар, жер-жемиш жегенге өтөт. Бирок кыш келгенде бул оокаттар жок болуп, кышы менен ачка жазга араң жетчү. Ачкалык аюуну катуу ойлонууга аргасыз кылды. Мындай жашоо болбойт экен деп, кыштай турган чээнин кенен казды, ала жаздан баштап кыштын камын көрүп чөп-чарды, жер-жемиштерди, аарынын балын чээнине жыя баштады. Бирок күнүгө алып келген оокаттарын аюу кайра токойго кеткенде, чычкан, келемиш, ал тургай кашкулактар күнүнкүсүн күнүнө уурдап жеп кетишчү болду. Аюунун айласы да кетти, жакшы жери уурулар чогулткан балга тийген жок, ошондон кийин аюу токойдон тапкан оокаттарынын баардыгын чогултпай эле жегенге өттү.

Аябай семирди, бирок тапкан балын жебестен, чээнине чогултуп жатты. Күн сууктап, айлананы аппак кар басып, кыш да келди. Токойдогу таап жеп жүргөн оокаттарынын бардыгы кардын алдында калгандыктан, аюу чээнине кирди, чээнинин оозун жалбырак менен жаап алып, кышкы уйкуга кетти.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Курсагы ачканда жайы менен чогулткан балын колун салып соруп коюп жатты. Жайы менен жыйнаган балы жазга жетпей түгөнүп калды. Бирок аюу таманын соргонун токтоткон жок. Таманын соргон сайын таманынан балдан кем болбогон, жайы менен жыйган майдын даамы оозуна келе берди. Астыңкы бутунун таманынан май чыкпай калганда, арткы таманынын майын соруп кирди.

Ошондон кийин аюу кышкы чэнине оокат жыйып убара болбой, таманына май чогултуп, кышы менен алмак-салмак таманын соруп, кыштан аман-эсен чыкчу болуптур.

**1. Илгери аюу кандай жашаган экен?**
**2. Аюу чөп-чар, жем-жемишти эмнеден улам жеп калган экен?**
**3. Анын топтогон азыгын эмнелер уурдап кетишти?**
**4. Ал кышка эмнени чогулта турган болду?**
**5. Аюу кантип таманын соруп калган экен?**

Сүрөттөгү жаныбарлардын жей турган тамактарын тап.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сапсайган түрү бар,
Адам коркор үнү бар.

Көргүлөчү куйругун,
Куйругунан мурду узун.
Атын атап андан соң,
Тапкылачы тумшугун.

## ВИТАМИНДЕР


Витаминдер – адамдын организминде пайда болуучу же бир аз санда азык зат менен келүүчү нормалдуу зат алмашуу жана тиричилик үчүн зарыл органикалык заттар. Азыркы кезде отуздай витамин белгилүү.

А витамини көрүүнүн курчтугун камсыз кылат. Д витамини сөөктүн өсүшү үчүн керек.

Витаминдер нормалдуу тиричилик үчүн өтө керек, бирок өлчөмүнөн ашып кетиши организмге өтө оор терс таасирин тийгизет.




**Сүрөттөгү азык заттарга көңүл бур.**




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




1. Витаминдер жөнүндө уккансыңбы?
2. Витаминдердин ден соолугубуз үчүн кандай пайдасы бар?
3. А витамини кайсы азыктарда бар экен?
4. Эгерде организмде витаминдер жетишсиз болсо, эмне болот деп ойлойсуң?



Витаминдерди катыштырып, сүйлөм түз.

## ТОКОЙ ЭНЕНИН АПТЕКАСЫ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Айзат жана кичинекей бөбөгү Мирзат ата-апасы менен эс алууга жайлоого барышкан. Жайлоодо чоң атасы менен чоң энеси бар эмеспи. Айзат менен Мирзатка жайлоо аябай жакты. Гүлдөрү шаардын гүлдөрүнөн жүз эсе кооз экен. Шаардан гүл алайын десең, сатышат го! Жайлоодо гүлдөр сатылбайт экен, каалаган гүлүңдү, каалашыңча жыттасаң болот экен! Кандай жыргал! Сонун, кооздон кооз, жыттуу гүлдөр жолдун жээгинде эле өсүп турат экен! Талаанын гүлдөрүнө сан жетпейт. Булар тууралуу шаарга барганда досторуна айтып беришкенде ишенишээр бекен, ээ!

Ошентип жүргөндө бир күнү жайлоодо, адегенде жамгыр жаап, артынан мөндүр төктү. Айзат менен Мирзатка мөндүр абдан жакты. Момпосуйдай экен, дешип терип алып ойношту. Муздак мөндүр терип ойноп жатып, Мирзат үшүгөнүн билбеди. Суук тийип, эртеси жөтөлүп, тумоолоп калыптыр. Кечинде эти ысып, тамак да ичпей калды. Апасы ала келген дарыларын берсе, ачуурканып ичпей чыргоолонду.

– Ичпейм, дары ачуу!.. – деп тилин колунун сырты менен аарчыды.



Небересинин дары ичпей чыргоолонуп жатканын көрүп, эртең мененки чай үстүндө чоң атасы:

– Мен балама таттуу дары апкелип берейинчи, – деди да, атын токунуп минди, балта-чотун алды, арканын да байланды.

– Чоң ата, – аны көрүп, Мирзат үнүн каргылдантып, көзүн жашылдантып минтип сурады:

– Сиз кандай дары апкелесиз?

– Мен, балам, ачуу дары эмес, таттуу дары апкелем.

– А таттуу дарыны кайдан апкелесиз?

– Токойдон апкелем, балам. Токойдо «Токой эне» бар…

– Эмне, токой эненин аптекасы барбы?

– Ооба, токой эненин аптекасы бар.

– А, чоң ата, токой эненин аптекасынын дарылары таттуу болобу?

– Ооба, балам. Токой эненин аптекасында сонун таттуу витамин дарылар бар.

**1. Айзат менен Мирзат кайда барышты?**
**2. Мирзат эмне үчүн ооруп калды?**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3. Чоң атасы эмне үчүн токойдон таттуу дары алып келип берем деди?**
**4. Токой эненин кандай аптекасы бар деп ойлойсуң?**
**5. Чыгарманы андан ары өзүң улант.**

Тексттеги каармандардын аттарына жөндөмө мүчөлөрүн жалгап жаз жана суроо бер.

-нын Айзаттын (кимдин?)
-га
-ны
-да
-дан



Чоң атанын бул сөздөрү Мирзатка жагып калды. Ал өзү да кызыгып, аны кантип апкелерин ойлоп таң калды да:

– Чоң ата, эмне, токой эненин аптекасынын дарыларын балта менен алып, жип менен таңып, анан тиги бүтөнгө салып келесизби? – деди.

Мирзаттын бул сөздөрү туугандардын баарын күлдүрдү.

– Аны келгенде көрөсүң, – деди чоң атасы.

Айзат менен Мирзат чоң атасынын келер жолун зарыга күтүштү.

Түштөн кийин гана чоң ата атка отундан артып алып келип калды. Алдынан жүгүрүп чыккан Айзат:

– Чоң ата, канакей токой эненин таттуу дарылары менен витаминдери? – деп ашыга сурады.

Чоң атасы ага ак бүтөндү карматты. Айзат: «Мынакей, чоң атам токой эненин таттуу дарыларынан Мирзатка алып келди!» – деп бүтөндү көтөрүп алып апасына келди. Апасы караса, чоң атасы бүтөнгө токойдун ширин кожагатынан терип келиптир. Апасы кожагатты идишке салып сыгып, шекер кошуп, ширесин чайга кошуп, Мирзатка ичирди. Кожагаттын таттуу ширесин кошуп ысык чайдан ичкен Мирзаттын тамагы эртеси айыгып кетиптир.

– Мындай таттуу дарылар менен витаминдер токой эненин аптекасында аябай көп, – деди чоң атасы Мирзат менен Айзатка. Мындан башка, карагат, кызылгат, бүлдүркөн, ал тургай ысырык деген да таттуу дарылары менен витаминдери толо. Кааласаңар, эртең дагы көп кылып апкелем. Алар-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дан көп ичсеңер, кышында да такыр оорубайсыңар… – деп түшүндүрдү чоң ата.

Чоң атасынын бул сөздөрү да, таттуу дарылары да Айзат менен Мирзатка абдан жакты.

*Сулайман Казыбаев*

**1. Мирзат эмнеге «Чоң ата, эмне токой эненин аптекасынын дарыларын балта менен алып, жип менен таңып, анан тиги бүтөнгө салып келесизби?» – деп сурады?**
**2. Токой эненин аптекасынан кандай дары алып келди?**
**3. Чоң ата дагы кандай витаминге бай өсүмдүктөр жөнүндө айтып берди?**
**4. Дарысыз да айыгууга болобу?**

Төмөнкү сөздөрдү көчүрүп жазып, кайсы жөндөмөдө турганын айтып бергиле.

атооч | илик | барыш | табыш | жатыш | чыгыш



Мирзатты, эненин, атка, кожагатты, чайга, карагат, алардан, дарыны.

## ВИТАМИН ДЕГЕН ЭМНЕ?

Жекшемби күнү 3-класстын окуучулары жаратылыш койнуна, адырга саякатка чыгышты. Жашыл майсаң, кызыл-тазыл гүлдөр, көздүн жоосун алган кызгалдактар балдарды аябай кубанычка бөлөдү!

Мугалим балдарды адырдын өрлөгөн жерине баштап келди. Бул жерде гүлдөр аз болуп, жалбырактары жерге жайылып өскөн чөптөр бар экен. Мугалим алардын арасынан араа тиш сымал жалбырактары жерге жайылган чөптү көрсөтүп:
– Бул чөп – койчу баштык, – деди. – Ал эми мунусу Түркстан шпинаты, аны элде ысмалак деп да коюшат. Бул чөптөрдүн өзгөчөлүгү – алар витаминдерге өтө бай.

– А витамин деген эмне? – сурап калды Абдукалык.

– Витамин латинча сөз болуп, «жашоо үчүн керектүү зат» деген маанини билдирет. Демек, ден соолугубуз чың болушу үчүн витаминге бай заттарды көп керектешибиз керек экен.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Ал эми чөптөрдө, мөмө-жемиштерде витаминдер аябай көп болот, – деди мугалим.

– Аа, мен таптым! – деп кыйкырып жиберди Асел. – Ошондуктан жазында апам көк самса, көк чучбара бышырат турбайбы!

Балдардын бардыгы каткырып күлүп жиберишти.

**1. Окуучулар мугалими менен кайда барышты?**
**2. Мугалим витаминдерге бай кайсы өсүмдүктөр менен тааныштырды?**
**3. Витамин деген эмне?**
**4. Асел эмнени таптым деп кыйкырып жиберди?**
**5. Мекенибиздеги дагы кандай витаминге бай өсүмдүктөрдү билесиң?**

**«Ким тез жөндөйт?» оюну.**

гүлдөр | койчу баштык | ысмалак

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БЫШЫКТОО.
## ДЕН СООЛУКТУ САКТОО АР КИМДИН ӨЗҮНӨН

Дүйшөмбү күнү коңгуроо чалынып, балдар классты карай шашты. Эшиктин алдында мугалим балдарды күтүп турду. Окуучулар класска кирип болгондон кийин ал эшикти жаап, балдар менен жылуу саламдашты.

Классты кыдырата карап чыккан мугалим балдарга кайрылды:

– Бүгүн Керим сабакта көрүнбөйт. Араңардан мунун себебин билген барбы?

– Керим ооруп калыптыр, эжеке, – деди ордунан туруп Гүлайым. – Эртең менен апасы биздикине чыгып, табыштады эле. Эми айтайын дегем.

– Ыракмат, олтурагой, – деди мугалим Гүлайымга. – Балдар, күз мезгилинде аба-ырайы өзгөрүүчөн болот. Бүгүн күн жылуу болсо, эртең аба сууп кетиши, же жаан жаашы мүмкүн. Андыктан тыкан жана жылуу кийинип жүрүү керек.

– Эжеке, биз кечээ Керим менен чогуу болгонбуз. Футбол ойногонубузда, тердеп барып, балдар ичпе десе да, муздак суу ичип алган. Ошондон ооруп калса керек, – деди Жеңиш

– Балдар, эсиңерде болсун, ар кимдин ден соолугу өзүнүн колунда. Чоңдор айтканын жасап, өзүңөрдү абайласаңар, эч качан оорубайсыңар. А бүгүн сабактан кийин Самат менен Гүлайым классташтардын атынан Керимге жолугуп коюшат, макулбу?

– Макул, – дешип, балдар китеп, дептерлерин ачышты.

Тексттин негизинде төмөндөгү суроолорго жооп бер.




**1. Керим эмне үчүн сабакка келбеди?**
**2. Анын ооруп калышына эмне себеп болду?**
**3. «Ден соолукту сактоо ар кимдин өзүнөн» дегенди кандай түшүндүң?**
**4. Самат менен Гулайымды эмне үчүн классташтардын атынан жолугат деди мугалим?**
**5. Оорулуу досуңа сен кандай жардам берген болор элең?**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4-БӨЛҮМ.
# КЕСИБИМ – СЫЙМЫГЫМ







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЖАЛКООЛУК — ЖАМАН ИЛДЕТ

Сүрөткө көңүл коюп кара. Баланын колу-бутунун байлангандыгын эмне деп ойлойсуң?



Жалкоолук деген эмне? Жалкоолук деген сөз бир ишке кош көңүл мамиле жасоо, эмгектенүүнү, мээнеткечтикти жактырбоо, аракет кылуудан, кыйналуудан качуу дегени. Жалкоолук баардык убакта адам баласынын жаман адаты болуп келген. Жалкоо эч качан баштаган иштеринин аягына чыкпайт. Жалкоо эч убакта койгон максатына жетпейт. Жалкоо өзүнөн талап кылынган нерсени эч качан бүтүрө албайт. Ал эми жалкоо окуучу эч качан жакшы окуй албайт.

Жалкоолуктан кутулуу үчүн эмне кылуу керек деп ойлойсуң?

Жалкоо эч качан ийгиликке жетише албайт. Ал эми ийгиликке жетишүү үчүн төмөнкү нерселерди эсиңде сакта!






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Макалдарды окуп, маанисин чечмеле.**

Бала күлкүгө тойбойт, жалкоо уйкуга тойбойт.

Жалкоолук адамды карытат, эмгек адамды байытат.

Жалкоого кеч кирбейт, жаманга эс кирбейт.

**Заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, жытын, көлөмүн билдирип, кандай? деген суроого жооп берген сөздү сын атооч дейбиз.**
Мисалы: *акылдуу* кыз, *узун* жол, *сары* банан, *таттуу* токоч.

**Жадыбалдагы сөздөргө мүнөздөмө берип, көчүрүп жаз.**

| Ким? Эмне? | Сын атооч сөздөр |
|---|---|
| окуучу | Акылдуу, билимдүү, тартиптүү. |
| дыйкан | ? |
| китеп | ? |
| алма | ? |
| көйнөк | ? |

*Жалкоо* сөзүнө сүйлөм түз.

## КУМУРСКА МЕНЕН ЖАЛКОО





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен, илгери бир Жаталак деген **жалкоо** адам жашаган экен. Аны бир ишке жумшаса эле:

– Оф, Кудайдын күнү кумдан көп, эртең бүтүрөм! – деп салкын жерге жатып алып, уйку-соонун ортосунда күнүн өткөрөт.

Ошондой күндөрдүн биринде эмне кыларын билбей, кумурсканын бирин сөөмөйү менен тосуп:

– Эй, кумурска, эмнеге башың **чоң**? – дейт.

– Башымда акыл бар, – дейт кумурска жалкоонун жол тоскон сөөмөйүнөн ашып баратып.

– А эмнеге белиң **ичке**? – дейт кайра.

– **Көп** иштеп, **аз** жейм, – дейт экен сөөмөйүн айланып баратып.

– Буттарың неге **тартагай**?

– Тынбай иштеп, эмгек кылам. Күн менен жарышам, өмүр менен жарышам.

Жалкоо таң калат: «Бул кумурскалар акыл менен идиректи, кубат менен чыдамды кайдан алат? Күн менен жарышып, жашоонун кайсы сырларын издейт экен, сурайынчы», – дейт да көрүнгөн чөптүн түбүн аңтарып, кумурсканы издейт.

– Уф, кумурскабай, сени издей берип, аябай чарчадым. Жанагы өзүң айткан акыл-идиректи, кубат менен чыдамды каяктан аласың?

– Аны сенин жаныңда отуруп түшүндүрө албайм. Чындап билгиң келсе, мени менен кошо жүр, – дейт кумурска.

Жалкоо макул болуп, тогуз айлык наристедей төрт аяктап жөрмөлөп, ээрчип жөнөйт. Кумурска алдынан жолуккан ар бир чөпкө токтоп:

– Биз мына бул чөптү «**Кубат** чөп» дейбиз. Ал жаз алды менен эң эрте чыгат. Он беш күндө эле бышат. Кышы менен чээнде жатып алсыраган курт-кумурска анын уругун жесе, кубат алат. Ал эми бул чөптү «**Жыпар** чөп» дейбиз. Бул болсо «Сүт чөп». Анын уругу **жумшак** жана **даамдуу** келип, жумурткадан жаңы чыккан чимелилерге **жагымдуу** тамак.

А бул калдайган **чоң** жалбыракты «Соргок» дейбиз. Себеби суугa тойбойт. Жамгырдын суусун калдайган жалбырактары менен тосуп алып, өз тамырына куя берет. Өзү өскөн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жерге башка чөптөрдү өстүрбөйт. Мунун сөңгөгүндө дайыма суу көп болгондуктан, кургакчыл айларда биз суусунубузду ушул Соргоктон кандырабыз. Эми мына булар жөнүндө айтсам: – Бул «Тамак чөп», мунусу «Кышкы чөп», тиги «Мээр чөп», – деп, ар бир чөптүн өзүнө жараша мүнөзүн, дарылык касиеттерин айтып отурат.

Кырк күндөн кийин жалкоонун башына да акыл-идирек пайда болуп, **дардайган** курсагы тартылып, белине чыдам менен кубат орнойт. Солдоюп жатчу буттары күн менен кошо жарышка чыгып, күн дем алмайынча өзү да дем албай, үрөн эгип, бак тигип, эмгекчил досунан үйрөнгөн дары чөптөрдү жыйнап, сыркоо адамдарды айыктырып, эл урматтаган кадыр-барктуу адам болуп калган экен.

1. **Жаталак кандай адам эле?**
2. **Жалкоо эмнеге таң калып, кумурскадан эмнени сурамакчы болду?**
3. **Кумурска кандай чөптөр жөнүндө айтып берди?**
4. **Жаталакта канча күндөн кийин акыл-идирек пайда болду?**
5. **Чындап эле кумурскадан үйрөнгөн деп ойлойсуңбу?**



**Бала менен кумурсканын сүйлөгөн сөздөрүн тап. Кимисинин сөзү көп берилген?**





Оф, Кудайдын күнү кумдан көп, эртең бүтүрөм!

Өзү өскөн жерге башка чөптөрдү өстүрбөйт.

Күн менен жарышып, жашоонун кайсы сырларын издейт экен, сурайынчы.

Аны сенин жаныңда отуруп түшүндүрө албайм.

А бул калдайган **чоң** жалбыракты «Соргок» дейбиз.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тексттеги белгиленген сөздөрдү көчүрүп жаз, алар эмнени билдиргенин айтып бер.

## КЕСИПТЕР ЖӨНҮНДӨ

Сүрөттөн кимдерди көрүп турасың? Булар кайсы кесип ээлери?





**1. Сен келечекте ким болгуң келет?**
**2. Бул кесип сага эмнеси менен жагат?**
**3. Бир кесиптин ээси болуу үчүн эмне кылуу керек?**
**4. Бул кесиптер жөнүндө эмнелерди билесиң?**
**5. Өзүңө жаккан кесип жөнүндө айтып бер.**

Ырда кайсы кесип ээлери айтылган?

Жалкоолорду сүйбөстөн,
Жакшы окууга үйрөткөн.
Жазуубузду текшерип,
Жаңы сабак күндө өткөн.

Жашыл менен көгүштөн,
Боёк жасап ар түрдүү,
Ойнотту эле колдорун,
Жердин шаары тартылды.

**Өңү-түстү билдирген сөздөрдү катыштырып, кесиптерге сүйлөм түзүп жаз.**

**Макалды толуктап жаз**

**Өнөр – аккан ... , илим – күйгөн ... .**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ар бир ... ардактуу.**

## АР БИР КЕСИП АРДАКТУУ

Мен чоңоюп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Баралында бакыйган,
Бир директор болормун.

Мен да өсүп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Кырдалында кырандай,
Чек арачы болормун.

Мен да өсүп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Баралында байпалган,
Паровозчу болормун.

Мен да өсүп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Мен электр башкарган,
Инженерден болормун.

Мен да өсүп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Мен элимди гүлдөткөн,
Мугалими болормун.

Мен да өсүп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Кезегинде керилген,
Бир жол башчы болормун.

Мен да өсүп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Адамдарды айыктырган,
Мыкты доктор болормун.

Мен да өсүп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Оңум келсе ооматтуу,
Профессор болормун.

Мен да өсүп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Өсүмдүктөр өөрчүткөн,
Мыкты агроном болормун.

Мен да өсүп толормун,
Азыр учкан сонормун.
Мен асманда айланган,
Учкучунан болормун.



1. **Ырда кайсы кесиптер жөнүндө айтылган?**
2. **«Мен да өсүп толормун, Азыр учкан сонормун.» – деген ыр саптарын кандай түшүнөсүң?**
3. **Өзүң да башындагы эки сапты алып, жактырган кесибиңе арнап ыр жазып көр.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ырда берилген кесиптерди жаз. Алар менен сын атоочторду катыштырып сүйлөм түз.

«Мен жактырган кесип» темасында 5–6 сүйлөмдөн турган чакан аңгеме түз.

## КИМ БОЛСОМ ЭКЕН?

Сабактарын даярдап бүткөн Акжол таза абадан эс алганы короого чыкты. Короодо сейилдеп жүрүп, байкеси Таалай досу Нурбек менен кесиптер жөнүндө сүйлөшкөнүн, алардан бири дизайнер, ал эми экинчиси программист болом, дегенин эстеди.

Ошондо Таалай досуна:

– Досум, мен келечекте дизайнер болууну чечтим. Мында мага информатика предметинен алган билимдер аябай жардам берип жатат. Болгондо да куруучу-дизайнер боломун.

– Азыр Интернеттен түрдүү өлкөлөрдө курулган көк мелжиген үйлөрдүн макеттери менен таанышып, аларды терең үйрөнүп жатам, – деген.



– А мен программист боломун. Сен компьютерде кооз үйлөрдүн долбоорун түзүшүң үчүн компьютерге курулуш иштери боюнча программа керек болот. Ал эми мындай программаларды программисттер жаратышат. Программа жаратуу үчүн баштап анын тилин үйрөнүү керек. Азыр мен программалоонун тилдерин үйрөнүп жатам, – деген Нурбек.

«А мен ким болсом экен? Компьютерди жандырып-өчүргөндү, ал тургай анча-мынча тамга тергенди да билем. Нурбек байке тил үйрөнүп жатам деди эле, мен да орус, англис тилдерин үйрөнөм. Дагы математиканы, сүрөт тартканды, туура жазганды үйрөнүшүм керек. Ырдаганды, бийлегенди да жакшы көрөм. Демек, келечекте жакшы кесиптин ээси болушум үчүн бардык предметтерден мыкты окушум керек экен...», оюнан өткөрдү Акжол жана өзүнүн чечиминен ыраазы болуп, уктаганы үйдү көздөй басты.

**1. Акжол сейилдеп жүрүп эмнени эстеди?**
**2. Агасы Таалай келечекте ким болгусу келет экен?**
**3. Агасынын досу Нурбек ким болот экен?**
**4. Келечекте жакшы кесиптин ээси болуу үчүн эмне кылуу керек?**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Фильворддон кесиптерге байланыштуу сөздөрдү тап.

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 → | б | м | г | р | ч | ж | ы | у | ч | э |
| 2 → | л | ө | д | а | ш | п | о | з | к | у |
| 3 → | а | р | о | с | ф | й | ц | л | х | ч |
| 4 → | з | т | к | п | р | о | г | р | а | м |
| 5 → | к | ө | т | ю | в | я | ё | е | г | м |
| 6 → | д | ч | о | д | и | з | а | й | у | и |
| 7 → | п | ү | р | п | н | ж | е | н | е | с |
| 8 → | и | р | ү | ү | ч | ү | г | е | р | т |
| 9 → | м | а | д | с | о | б | з | р | и | ш |
| 10 → | у | г | а | л | и | м | л | о | в | ө |

Топторго бөлүнүп, зат атоочтордун формасын, көлөмүн, даамын билдирген сөздөрдү таап, жазгыла.

форма | көлөм | даам



## КҮКҮКТҮН ЖАЛКООЛУГУ



Канаттуулардын ичинен күкүк аябагандай жалкоо. Ал өзүнө уя салыш үчүн да эринет. Жада калса өз жумурткасын да башка куштардын уясына таштайт. Анан ал жумурткаларды башка куштар басып чыгарат. Балапандарын да башка куштар тарбиялап чоңойтот.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Күндөрдүн биринде токойго күз келип, аба-ырайы суук боло баштады. Байкуш жалкоо күкүктүн бараарга жери жок эле. Ал аябай титиреп, үшүп чыкты. Анан: «Эми күн ачылса эле уя салып алам» деп ойлоп жатты. Бир маалда таранчынын уясына жакындап, таранчыга:

– Таранчы бир тууганым, мага бир күн үйүңдө түнөгөнгө уруксат берсең? – деп суранды.

Таранчы дароо эле макул болуп:

– Макул, бул түнү менин уямда түнөй бер, – деди.

Ал түнү күкүк таранчынын уясында түнөдү. Эртеси эрте менен ыракматын айтып, ыраазычылыгын билдирип, учуп кетти.

Бул күнү аба-ырайы бир аз ачылып калды. Күкүк болсо кечке чейин ары-бери учуп, сайрандап ойноп жүрдү. Ойноп жүрүп өзүнө уя салганды унутуп калды.

Кечке жуук кайрадан суук түшө баштады. Күкүк байкуш кайрадан үшүп чыкты. Ал айласы кетип кайра эле таранчыга келди да:



– Таранчы досум, сага кайра келдим. Бул түнү да сенikинде түнөсөм болобу? – деп суранды.

– Ооба, кел. Бүгүн да уруксат берем. Бирок дайыма эле минтип келе бергениң туура болбой калат. Ошондуктан сен өзүңө уя салышың керек, – деп кеңешин берди таранчы.

– Ооба, ооба, сен айткандай болот. Эртең эле уя сала баштаймын, – деди күкүк.

Таранчы күкүктүн дайыма эле эртең дей бергенине ачуулана баштады. Бир жактан ал: «Элдин баары өз эмгеги менен убактысын бөлүп уяларын салып, жашоого шарт түзүшөт. Ал эми бул болсо сайрандаганы сайрандаган. Анан кечинде суук түшкөн кезде, темселеп жылуу жай издеп калат», – деп ойлонду. Ошентип таранчыныкына түнөгөн күкүк эртеси дагы учуп кетти. Ал уя салууну ойлоп да койбой, ар бир күндү жыргап, эс алып өткөрүп жүрө берди.

Мына ушундай суук күндөрдүн артынан ызгаардуу кыш келди. Бул күндөрү күкүк талаада дагы түнөөр жайы жок калды. Ал учуп, дагы таранчыга келди да:

– Карачы, кандай гана жолу жок кушмун. Мына, уямды эми салып бүтөөргө аз калганда башыма мүшкүл иш түшүп,

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кар жаап салды. Досум! Бул түнү да сеникинде түнөсөм болобу? Анткени сыртта кар жаап жатат, – деп жалооруду.

Таранчы бул сөздү укканда, аябай ачуусу келди да:

– Болбойт! Эми мен сени уяма киргизе албаймын. Мен сага «Үйүңдү күн жылуу болуп турганда салып ал», деп канча жолу эскерттим. Сен кулак салган жоксуң, – деп кыйкырды.

– Таранчы дос! Акыркы жолу сенин уяңда түнөйүнчү?.. Акыркы жолу, – деп сураңды күкүк.

Таранчы болсо баягысынан жазбай:

– Болбойт! – деп киргизбей койду.

Мына ушинтип токойдо таң атканча тынбай кар жаады. Жааган кар күкүктүн башынан бутуна чейин тоңдурду. Титиреген күкүктүн жүзүнө суук шамал да уруп жатты. Шамал болгон сайын байкуш күкүк титиреп үшүп чыкты. Заманасы куурулган күкүк түндү эптеп өткөрдү.

Эртең менен эл тура электе күкүктүн биринчи иши эмне болду билесиңби?.. Жалкоо күкүк өзүнө уя салуу ишин баштаган экен.



**1. Эмне үчүн күкүктүн жумурткасын башка куштар басып чыгарат экен?**
**2. Күкүк таранчыдан эмне деп сураңды?**
**3. Эмне үчүн күкүк берген убадасын аткарбады?**
**4. Таранчы күкүктү эмне үчүн ызгаардуу кышта үйүнө киргизбеди?**
**5. Кышта суукта калган күкүк кандай жыйынтык чыгарат деп ойлойсуң?**

Тексттеги окуяны, каармандарды, окуя болгон жерди жана окуя болгон мезгилди айтып бер.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Күкүк менен таранчыга тиешелүү сөздөрдү тап.**

күкүк → жалкоо, канаттуу, мээнеткеч, жалганчы, боорукер, оюнкараак ← таранчы

## «ШЕКТЕНҮҮ» аудиотекстин ук





**Төмөнкү суроолорго жооп бер.**

Балтасын уурдаган ким деп ойлоду?

Коңшусунун жылмаюсу кандай сезилди?

Үйүнө кирип бара жатып, отунчу капыстан шектүү болуп, балтасын уурдап кеткен коңшусу болсо керек деп ойлоду. Чындыгында, эми ойлонуп отурганда, анын жылмаюусу толкундангандай сезилип, таң калыштуу көз карашка ээ болуп, ал тургай, колдору калтырап жатат деп айтмак. Жакшы ойлонуштурулган, кошунасы ууру менен окшош экен, уурудай баскан, уурудай сүйлөгөн.

Коңшусун кимге окшотуп жатты?

Балтасын коңшусу уурдаган беле?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Уста эмне үчүн коңшусунан шектенди ?
2. Балтасын чындап эле уурдаткан бекен?
3. Балтасын көтөрүп келген уста коңшусунун жүзүнөн өзгөрүүнү байкадыбы?
4. Сен да бирөөдөн шек санагансыңбы?
5. Эмне үчүн чыгарманы «Шектенүү» деп атаган?

**Түшүп калган сөздөрдү ордуна коюп, сүйлөмдү толуктап жаз.**

Жыгач уста аябагандай ... киши эле. Анын ... балтасы бар болчу. Устанын коңшусу ... , ... , .... киши. ... ушуну ойлонуп жатып, уурулуктун күнөөкөрүн тапканына барган сайын ... ишенип турганда, ... кадамдары аны мурунку түнү болгон токойго алып барганын байкады.

Бир маалда ал ... бир нерсени оодарып жыгылды.

**Колдонулуучу сөздөр:** катуу, отунчу, капысынан, кежир, тереңирээк, боорукер, курч, ак ниет, мээримдүү.

## ЖЭЭРЕНЧЕНИН БАЛАСЫ





Жээренченин баласын эл өтө жоош дешчү экен. Бир күнү Жаныбек хан Жээренче менен сүйлөшүп отуруп:

– Жакшыдан жаман туулабы, чеченим? – деп сурайт табышмактатып.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Жок, ханым, жакшыдан жаман туулбайт! – дейт Жээренче.

«Жээренченин бул айтканы кандай, жок дегенде өз баласынан деле салыштырып көрбөйбү», – деп ойлойт хан. Бирок ачык айтпайт. Жылдар өтүп Жээренче чечен кайтыш болот. Жоокерчилик замандын бир күнү Жаныбек хан калмактарга жортуулга бара турган болуп, кол жыйнап, ага Жээренченин баласын да коштурат. Жээренченин баласы каршылык кылбай, эл менен жоого аттанып кетет.

Душман менен кагылышуу катуу болот. Күчтүү душманга туруштук бере албай, Жаныбек хандын колу артка чегинип, кача баштайт. Келе жаткан жолдо хандын аты жүрбөй калып, душмандын колуна түшө турган болот. Ошондо Жээренченин баласы:

– Таксыр ханым, жүрбөй калган атыңызды мага бериңиз. Сиз менин атымды миниңиз. Мен колго түшсөм эч нерсе эмес, сиз колго түшсөңүз, «калмактын ханын чаап аламын деп барганда, колу качып кетип, ханы колго түшүп калыптыр» – деген сөз калаар. Тез бул атты миниңиз! – деп өз атына мингизип, жүрбөй калган хандын атын Жээренченин баласы минип, хан кутулуп кетиптир.



Элине кайтып келип тынч турмушта жашап жатып, «Капырай, Жээренче чечендин айтканы чын эле экен го, жоош көрүнгөн менен баары бир жакшы адамдан жакшы туулат дегенге эми ишендим», – дептир Жаныбек хан Жээренченин баласынын жортуулдагы сөзүн эстеп.

**1. Жээренчеден Жаныбек хан эмнени сурады?**
**2. Жээренче эмне деп жооп берди?**
**3. Эмне үчүн Жаныбек хандын колу артка кача баштады?**
**4. Бала ханга атын эмне үчүн берди?**
**5. «Жакшыдан жакшы туулат» деген сөз өз чечимин таптыбы?**

Түшүп калган сын атооч сөздөрдү коюп оку, жандырмагын тап.

Өтө баалуу бир зат бар,
Сүйлөгөндү билбеген.
... , ... , ... көздөрүн,
Ирети менен ирмеген.

... гана ... киши,
Өзү ичкери, сакалы тышкары.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жайында ысыкты дегдейт,
Кышында суукту сезбейт.
Кийгени ... жибек,
Жыл бою чечпейт.

Тексттеги сын атооч катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз.

Төмөнкү сүрөттөрдүн негизинде жомок түз.



**1. Сүрөттө кандай балдарды көрүп турасың?**
**2. Тапшырмасын аткарбаган баланы кандай бала десек болот?**
**3. Жалкоо балдарды дагы кандай атасак болот?**
**4. Бул балдарды жалкоолуктан арылтууга болобу?**
**5. Сен кандай жардам бере аласың?**

**«Сөздөн сөз жаса» оюну.**

Ж А К Ш Ы Л Ы К

**Зат атоочко сын атоочту кошуп, сөз айкаштарын түз.**

Мисалы: Жакшы кыз, ... .



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## КӨК ЖАЛБЫРАКТАР

Катянын эки жашыл карандашы бар эле. Ал эми Ленада бирөө да жок болчу.

Анан Лена Катядан бир карандашын сурабайбы:

– Жашыл карандашыңды берип турчу.

Катя ага минтип жооп берди:

– Апамдан уруксат сурап келейин, анан берейин, макулбу?

Эртеси күнү алар мектептен жолугушту.

– Апаң уруксат бердиби? – деп сурады Лена.

– Апам го уруксат берди, агамдан сурабай калыптырмын, – дейт Катя үшкүрүнүп.

– Мейли анда, агаңдан да сурап кел, – деди Лена. Эртеси алар кайрадан жолугушту.

– Кандай, агаң эмне деди, сурадыңбы?

– Ал го берсең бер деди, бирок сен аны сындырып аласыңбы деп коркуп жатам.

– Мен абайлап колдоном, – деди Лена.

– Көзүңдү кара, – дейт анда Катя, – учтаба, катуу басып жазба, оозуңа салба. Анан кечке эле сүрөт тарта бербе.

– Жок, – дейт Лена, – мен дарактын жалбырагын боёп алып эле кайра берем. Анан бир аз чөптөрдү тартам.

– Ой-ий, ал көп да, – дейт Катя кабагын бүркөп. Анын бети-башы тырышып, бергиси келбей жатканын көргөн Лена, карандашты албай бурулуп басып кетти. Анын бул кылыгына таң калган Катя артынан жүгүрдү:

– Ой, сага эмне болду? Мына, ал!

– Кереги жок, – деди Лена.

Сабак башталып, тапшырманы текшерген мугалим сурады:

– Леночка, сенин бактарыңдын жалбырактары эмнеге көк?

– Эжей, жашыл карандашым жок болчу.

– А эмнеге курбуңдан сурап алган жоксуң?

Лена унчуккан жок. А Катя кызарып уялып кетти:

– Мен ага берсем албай койгон.

Экөөнү алмак-салмак караган мугалими Катяга мындай деди:

– Ала тургандай кылып бериш керек эле да.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1. Чыгарма эмне үчүн «Көк жалбырак» деп аталган?**
**2. Катя карандашын эмне үчүн бергиси келбеди?**
**3. Лененын ордунда болсоң, сен эмне кылмаксың?**
**4. Катя эмнеге кызарып кетти?**
**5. Катянын жасаган иши туурабы?**
**6. Ала тургандай кылып бериш керек дегенди кандай түшүндүң?**

Парталашың менен кыздарга мүнөздөмө бер. Катянын жакшы жактары да бар деп ойлойсуңбу?

Лена

Катя

**Тексттеги сын атооч катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз.**

## БАЛАСЫ МЕНЕН АТАСЫ





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бир кишинин там-туң басып, тили жаңыдан чыгып келаткан баласы атасынан: «Бул эмне, тигил эмне?» – деп күнүгө миң жолу сураса да, атасы кубанып, жетине албай жооп бере берчү экен. Баласы эр жетип чоңоюп, өзү да балалуу болот. Атасы болсо, карып, көзү алысты көрбөй мунарыктап калат. Бир күнү дөңдө отуруп, алысыраакта бир караанды айрып тааный албаган атасы баласынан:

– Балам, тетиги караан эмне? – деп сурайт

– Карга, – деп жооп берет баласы.

Аңгыча карга башка жакка учуп-конуп, жорголоп чуркап кетет. Атасы аны көрүп, дагы айрып тааный албай:

– Тигил караан эмне, балам? – деп дагы сурайт

– Кара карга, – деп жооп берет баласы.

Карга жөн турмак беле, дагы бир жакка жылып кетет. Атасы ал жактан дагы бир караанды көрүп:

– Балам тиги караан эмне? – деп сурайт.

Ошондо баласы тажап кетет да:

– Айтпайм! Чарчап кеттим, – деп жооп берет.

Ушундан улам «Ата-эне балага түтөт, бала ата-энеге түтпөйт» деген сөз айтылып калыптыр.



**1. Атасы эмне үчүн баласынын суроосуна ар дайым жооп берчү?**
**2. Баласы эмнеден тажап кетти?**
**3. Баласынын жасаган иши туура деп ойлойсуңбу?**
**4. Эгер атасынын ордунда болгонуңда, эмне кылган болот элең?**
**5. Окуяны өзүң улантып айт.**

**«Ким көп табат» оюну. Сын атоочторго туура келген зат атоочторду таап жаз.**

| | |
|---|---|
| коркок – | өжөр – |
| сулуу – | акылдуу – |
| мээнеткеч – | жалкоо – |
| кызганчаак – | ак ниет – |
| арчалуу – | муздуу – |
| гүлдүү – | жемиштүү |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТАМАРКА

**Сүрөткө кара. Сүрөттүн негизинде өзүңдүн оюңду баянда.**



1. Сүрөттөгү жашылчалар өстүрүлгөн жер эмне деп аталат?
2. Тамаркада эмнелер өстүрүлөт?
3. Аларды жетиштирүү үчүн кандай эмгек талап кылынат?
4. Сен да тамарка иштерине катышкансыңбы?
5. Алынган жашылчалардан эмнелер жасоого болот?

**Макалдардын маанисин чечмеле.**

Көз коркок, кол баатыр.

Жакшы болмок аста-аста,
Жаман болмок бир паста.

**Сын атооч заттын сын-сыпатын жайынча, салыштырып жана күчөтүп көрсөтө алат.**

| Жай даража | Салыштырма даража | Күчөтмө даража |
|---|---|---|
| ак | агыш | аппак |
| таттуу | ? | ? |
| чоң | ? | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сүрөт негизинде сын атоочторду катыштырып, сүйлөм түзүп жаз.



**Парталашың менен жадыбалды толтур. Эмне үчүн жашылча, эмне үчүн мөмө экенин айтып бер.**



| Жашылчалар | Мөмөлөр |
|---|---|
| сабиз | алма |

## ЧОҢ ЭНЕ МЕНЕН ПЕТРИК

Жаздын жылуу күндөрүнүн биринде чоң эне небересин жетелеп, ага токойду көрсөтмөк болду. Жолго камданып жатып, ал Петрикке азык салынган себет менен суу куюлган фляжканы карматты. А Петрик жалкоо бала эле, көп узабай жүктөр ага аябай оор көрүндү. Муну көргөн чоң эне азык салынган себетти өзү көтөрдү.

Токойдо чоң эне менен небере эс алганы бир бадалдын астына токтошту. Ошол маалда алардын алдындагы даракка бир кичинекей куш келип конду. Анын тумшугунда бир тал кыл болчу.

Петрик кушту чочутуп жибербестик үчүн аярдап, ордунан турду жана дарактагы кылдан куралган чоң ууну көрдү.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Куш уянын алдында бир демге туруп, учуп кетти жана бат эле тумшугунда дагы бир тал кыл менен кайра келип конду. Таң калган Петриктин көздөрү чоң ачылды.



– Чоң эне, – шыбырады ал, – кантип эле ушул кичинекей куш бир талдан кыл ташып олтуруп, ушундай чоң уя салды экен?

– Ооба уулум, бир талдан гана ташыган, – деди чоң эне. – Бул өтө мээнеткеч куш.

Петрик ойлонуп калды. Бир саамдан кийин ал чоң энесинен сурады:

– Чоң эне, азык салынган себетти мен өзүм көтөрсөм болобу? Сиздин кемселиңизди да. Макулбу?

**1. Чоң энеси менен Петрик кайда жөнөштү?**
**2. Петрик кичинекей куштун салган уясын көрүп кандай жыйынтык чыгарды?**
**3. Эмне үчүн энесинин колундагы жүктөрдүн баарын өзү көтөрдү?**
**4. Сенде да ушуга окшогон окуя болгонбу?**
**5. Карыяларга кандай жардам берүү керек?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Макалды окуп, маанисин чечмеле.

Адамды акылга бай кылган – эмгек,
Төрт түлүктү шай кылган – эмгек.

Адамзатты эки нерсе багыттайт,
Чындык сөзү, ак эмгеги карытпайт.

Бул чыгарманын негизги идеясы эмнеде?

Чоң энесине жардам берүү керектигинде.

Эмгек кылуудан эч качан талбастык керектигинде.



«Сен чымчыкчалык эмесиңби», деп баланы тарбиялоодо.

**Жай даражадагы сын атоочко сөз таап жаз.**

## АР КИМДИН ЭМГЕГИ ӨЗҮНӨ КЫМБАТ



Бир ата-эненин жападан жалгыз уулу болуптур. Бала ата-эненин тарбиясында чоңоюптур. Бала бойго жеткен соң, атасы уулун чакырып:

– Уулум, эми чоңойдуң, кандайдыр бир өнөр үйрөн, аягында кор болбойсуң! – дептир. Бала, макул болуптур. Эртеси жумушка баратканда, аны энеси токтотуп:

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Уулум, сен оор жумуш жасап жаныңды кыйнаба, көчөгө чыгып досторуң менен ойно, кайтып келгениңде атаңа мына муну берерсиң! – деп бир теңге бериптир.

Бала сүйүнүп көчөгө чыгып кетет да, кечке чейин ойноп жүрөт. Үйүнө келсе, атасы короодо көлмөчөнүн боюнда отурган экен. Энесинен алган акчаны ага бериптир.

Атасы теңгени алып көлмөчөгө таштайт. Бала унчукпай тим болот. Эртеси да ушул окуя кайталанат. Буга таң калышкан эне менен бала үчүнчү күнү өздөрүнчө отуруп кеңешиптир.

Бала:

– Атам бул акчаны эмгектенбей алып келгенимди билген окшойт. Эми бүгүн бир эмгектенип акча таап келейинчи, эмне кылаар экен? – дептир да, бир кишиникинде жалданып иштеп, жарым теңге акча тааптыр. Кечинде үйүнө келип атасына берсе, атасы бул акчаны да көлмөчөгө таштайт. Бала атасына олурая карап, кийимдерин чечип, боюн көлмөгө таштап, баякы жарым теңгени таап чыгат.

Ошондо атасы уулуна:

– Көрдүңбү, уулум, бекер акчага караганда өз эмгегиң менен тапкан акча кымбат болот, – деген экен.



**1. Атасы уулун чакырып эмне деди?**
**2. Апасынын жасаган иши туурабы? Эмне үчүн?**
**3. Бул чыгарма эмне үчүн «Ар кимдин тапканы өзүнө кымбат» деп аталган?**
**4. «Мээнет кылсан жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан» деген макалдын бул чыгармага кандай байланышы бар?**

**Атасынын, энесинин, баланын айткан сөздөрүн тап.**



Көрдүңбү, уулум, бекер акчага караганда өз эмгегиң менен тапкан акча кымбат болот.



Уулум, сен оор жумуш жасап жаныңды кыйнаба, көчөгө чыгып досторуң менен ойно, кайтып келгениңде атаңа мына муну берерсиң.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Атам бул акчаны эмгектенбей алып келгенимди билген окшойт. Эми бүгүн бир эмгектенип акча таап келейинчи, эмне кылаар экен?

Жай даражадагы сын атоочторду салыштырма жана күчөтмө даражага айландырып жаз.

| Жай даража | Салыштырма даража | Күчөтмө даража |
|---|---|---|
| жакшы | | |
| сары | | |
| жаман | | |
| эстүү | | |

## АМАЛКЕР КОЁН



Бар экен, жок экен, илгери-илгери өткөн заманда бир токойдо бактылуу айбанаттар жашаптыр. Кайсы бир жазда бул токойдо өтө катуу кургакчылык болгон экен. Жайды-жайлай бир тамчы да жамгыр жер бетине түшпөптүр. Токойдогу жаныбарлар мындай кургакчылыктан аябай кыйналышат. Акыры чыдабаган айбанаттар буга бир айла табуу максатында бир жерге чогулушат. Ошентип өз ара сүйлөшүп отурушуп, арасынан бирөөсү кудук казууну сунуш кылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул сунушту ишке ашыруу үчүн баары кудук казганга киришишет. Мына ушинтип баары жапа тырмак кудук каза башташат. Бирок ал жерде жашаган бир коён: «Мен али кичинекеймин», деп иштебей коёт. Анын минтип айтканына иштеп жаткан жаныбарлардын аябай кыжыры келет.

Убакыт өтүп, жаныбарлардын мээнети текке кетпей, алар казган кудуктан мупмуздак суу чыгат. Буга баары кубанып, суусундары канганча ичишет жана ал сууга жуунушат. Ал эми жалкоолук кылып кудук казгандан качкан коёнго болсо такыр суу бербей коюшат. Токойдун падышасы болгон арстан жалкоо коёндун кудукка келип, суу ичпеши үчүн кудуктун башына кезек менен кароолчу коюп кайтартып коёт.

Бул нерсеге аябай капа болгон коён кетирген катасын түшүнөт. Бирок баары кеч болуп калган эле. Ошондой күндөрдүн биринде бир күнү түнкүсүн кудукту кайтаруу кезеги пилге келип жетет. Коён пилди аябай жакшы көрөт болчу. Ал: «Мен аны жакшы көрөм го… Эч ким көрбөй турганда мага бир ууртам суу берээр», деген ой менен пилге барат. Ал барган кезде пил кызуу уктап жаткан болот. Коён пилди ойготуу үчүн абдан аракет кылат. Бирок пил аябай катуу уктап жаткандыктан аны такыр ойгото албай коёт. Акыры коён кулагына кыйкырып жиберет.

Пил катуу чочуп кетет да, кудуктун айланасындагы кумду шилей жыгылат. Ал жердеги кум таш-топурагы менен баары кудукка түшүп, кудуктун оозу жабылып калат. Буга пил аябай капаланып: «Мунун баары менин айымдан болду. Эми эмне ичебиз? Башка жаныбарларга мен эмне деймин?» деп ыйлай баштайт. Коён болсо ага кайрылып:

– Анчалык кайгырып, ыйлай бербечи. Албетте бир жолун табабыз. Мына экөөбүз иштесек, таң атканга чейин кудукту тазалап коёбуз, – дейт.

Муну угуп ыйлаганын токтоткон пил коёнго кайрылып:

– А сен кандай кичинекейсиң? Анан дагы арыксың. Иштей албайсың го? – дейт.

Ал эми коён ага:

– Пил досум! Азыр мени карап тур! Кандай гана иштээр экенмин! – деп колуна күрөк алып, кудукту каза баштайт. Ошентип коён ушунчалык катуу иштептир дейсиңер…



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алар пил экөө таң атканча кудуктун оозун тазалап коюшат экен. Эртеси күнү пил баардык жаныбарларга коёндун иштегенин жана кудукту кантип тазалап койгонун айтып бериптир. Пилдин сөзүн уккан жаныбарлардын баары коёндун кужурмөндүгүнө аябай таң калышат. Анан баары коёнго кудуктан суу ичкенге уруксат беришет. Ал аябай кубанат. Чынында коён жаныбарлар ага суу ичкенге уруксат беришкенине гана эмес, башка жаныбарлар менен кайрадан достошконуна да аябай кубанган экен.

**1. Жаныбарлар эмне үчүн кудук казууга мажбур болушту?**
**2. Коёндун ордунда болсоң эмне кылган болот элең?**
**3. Эмне үчүн коёнго түк эле суу беришпей коюшту?**
**4. Коён башка жаныбарлар кароол болгондо келбей, эмне үчүн пилдин кароолдугунда келди?**
**5. Коён кантип кужурмөндүк көрсөттү?**
**6. Ал эмнеге аябай кубанды?**

**Төмөнкү сөздөрдүн жай, салыштырма даражасын тап жана сүйлөм түзүп жаз.**

Аппак, упузун, чопчоң, кепкенен, супсулуу, таптаза.



## БЫШЫКТОО

**Текстти окуп, түшүнүгүңдү айтып бер.**

## ДЫЙКАНДЫН ЭМГЕГИ

Бүгүн ишемби. 3-класстын окуучулары мектептин алдына чогулушкан. Мугалим адегенде балдардын тизмесин алды. Андан кийин пахта талаасына жасала турган экскурсиянын максатын жана шарттарын түшүндүрдү.

Балдардын боюндай болгон пахтазар. Аппак ачылган пахталар кудум эле асманда каалгып жүргөн булуттарга окшойт.

– Балдар, бул – пахта, биздин жаратылыш сунган байлыгыбыз. Сапаты боюнча дүйнөдө алдыңкы орунда турат. Тээтиги киши эрте жаздан чигит эгип, ушул пахтаны өстүргөн Дыйкан-баба. Ал эми эмгектин бул түрү дыйканчылык деп аталат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– А дыйкан деген кишинин атыбы? – озунуп суроо берди узун тумшуктуу бейсболка кийген Абдуганы.

– Жок балдар, дыйкан деген адамдын аты эмес, ал жердин ээси деген маанини билдирет.

– Пахта өстүргөн киши дыйкан болобу? – суроо узатты Саадат. – А менин атам буудай өстүрөт.

– Ал эми менин атам жүзүмзарды карайт, – деди Арстан.

– Туура, балдар, ким жер менен иштесе, үрөн сээп, урук эгип, көчөт тигип, аны караса, ал дыйкан болот. Элибизде аларды урматтап, Дыйкан-баба деп аташат. Дыйкандар элди багат, – деди мугалим. – Айткылачы, балдар, жер менен иштеген адамды дагы кандай аташат?

Балдар ойлонуп калышты. Аңгыча Таалай шашып:

– Мен таптым. Талаада иштеген адамды фермер деп аташат, – деди.

– Азаматсың, Таалай! – деп, анын сөзүн ырастады мугалим.

– А мен талаанын башында туура эмес жазылган сөздү көрдүм. Классты кластер деп жазып коюшуптур, – билгичтик кылды Жыпаргүл.

Мугалим бир тутам пахтаны алып, балдарга көрсөттү да:

– Балдар, пахта – бул чийки зат. Ал кайра иштелип, андан кездеме, май, мал чарбасы үчүн жем жана башка көптөгөн продуктулар алынат. Үрөн же урук эгилгенден баштап даяр продукт алынганга чейин болгон иштерди уюштуруучу мекеме кластер деп аталат. А дыйкан ошол кластердин алгачкы звеносу. Дыйкан пахтасын жыйнап шеригине – пахтаны кайра иштетүүчү ишканага өткөрүп берет. Бул ишкана пахтадан жип ийрип, ийирген жиптерин кийинки ишкана – токуучуга өткөрөт. Акырында ушул силер көрүп турган кадимки пахта кийим болуп, дүкөндөргө чыгат. Ушул иштердин бардыгы ушул өзүбүздүн жерде аткарылат.

Мугалимдин айткандарын окуучулар кунт коюп угушту.

– Анда эмесе, балдар, жүргүлө, дыйкан бабанын маегин алалы, – деп мугалим балдарды фермерди көздөй баштады.

Темага 4–5 суроо түзүп, парталашың менен ой бөлүш.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 5-БӨЛҮМ.
# ИШКЕРДҮҮЛҮК







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ИШКЕРДҮҮЛҮК



Ишкердүүлүк ар кандай адам үчүн бир нече мааниге ээ болушу мүмкүн. Акыры, ишкердүүлүк – бул жеке адам жетекчиге жооп берип, салттуу жумушка орношкондон көрө, өзүнүн бизнес мүмкүнчүлүгүн түзгөндө. Мисалы, дарыгер ооруканада иштеп, мыкты жумушка ээ болсо да, ал ишкер эмес. Бирок, ошол дарыгер өзүнүн жеке практикасын курса, бул ишкердүүлүк деп эсептелет. Ишкер чөйрөдөн тышкары ойлонуп, өз жолу менен жүрөт жана туруктуу өсүүгө ачка болот.

Ишкер болуу ар бир адамдын колунан келе бербейт. Сен тобокелге салып, чыдамкайлык, өжөрлүк жана туруктуулук менен иш татаалдашса да улантышың керек. Бирок сени жетекчи болуу, сүйгөн ишиңди жасоо жана мурас түзүү идеясы шыктандырса, анда ишкер болуу үчүн эмне талап кылынат?

Ишкер болууну чечкенде, идеяңды мүмкүнчүлүккө айланта аласың. Сенин потенциалдуу кирешең сага байланыштуу болушу жана ойлогон максатыңа жетүү үчүн канча эмгектенишиң керек? Ишкер болуу үчүн ийкемдүүлүк жана белгилүү бир эркиндик болсо да, ийгиликке жетүү үчүн эбегейсиз берилгендик жана көп эмгек талап кылынат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Ишкердүүлүк дегенди кандай түшүндүң?
2. Сен кандай жеке ишкерлер жөнүндө укчансың?
3. Сен чоңойгонуңда кандай ишкердикти тандайт элең?
4. Сен да өзүңдүн долбооруңду түзүүгө аракет кыл.

**Заттын санын, эсебин, иретин билдирген сөздөр сан атооч деп аталат. Сан атоочко канча? нече? канчанчы? неченчи? деген суроолор берилет.**
Мисалы: 3-класс, беш ишкер.

**«Мен ишкер боломун» темасында чакан аңгеме түз. Аңгемени төмөнкү сөздөрдү катыштырып жаз.**

| 2022-жылы | миңдеген | 3-класс |
| --- | --- | --- |

## МЕНИН АТАМ ИШКЕР



Жаз келип, талаа көркүнө чыккан. Айыл адамдары жаңы өздөштүрүлгөн адырдан мүлк иретинде берилген жерге шашат.

Эс алуу күнү болгондуктан, Арстандын атасы уулун мойнунан жыттап:

– Жүрү мени менен, сага мүлкүңдү көрсөтүп келейин, – деди.

Мүлк деген сөздүн маанисин түшүнбөсө да, кең талаага чыгаарын билип, Арстан кубанып кетти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Апасы, бизге азык камдап берчи, мен уулумду жүзүмзар менен тааныштырып келейин, – деп кыйкырды Арстандын атасы аялына.

Атка учкашып, атасынын белинен бекем кармаган Арстан кубанганынан атасына суроо берди:

– Ата, мүлк деген эмне?

– Биз жашаган үй, тамаркабыз, минген атыбыз – булар биздин мүлкүбүз. Эми ээн талаада да мүлкүбүз – жерибиз болот.

Алар жаңы эгилген жүзүм талаасына жетип келишти. Аябагандай чоң жер, ал эми тамарка мунун алдында дасторкондун бетиндей эле көрүнөт өңдүү...

Атасы бир нече жүзүмдүн бутактарын зымга байлап, Арстан болсо ага каралашып жүрдү.

– Эми биз ишкербиз, уулум. Ушул жерде эмгектенип, күзүндө түшүм жыйнайбыз. Ал эми түшүмдү сатып, киреше алабыз. Киреше бул – акча. Акчага сага компьютер сатып алабыз.

– Ата, мектебибизде 25 компьютер бар. Мен мектептен компьютерди өчүрүп-жандырганды, дагы тамга тергенди үйрөнүп алдым. Сөзсүз сатып бересиң, ээ?

– Ооба, уулум. Сен биздин келечегибизсиң. Сен мыкты окуп, жакшы билим алышың керек. Билимдүү адам гана эңсеген тилегине жете алат.

– Ата, мугалимибиз тил үйрөнгүлө, канча көп тил билсеңер, билимиңер да ошончо көп болот, дейт. А мен орус жана англис тилдерин үйрөнсөм дейм.

Арстан атасынан «ишкер», «киреше», «мүлк», «бизнес», «бизнесмен», «бизнесвумен» деген сөздөрдү гана эмес, алардын маанисин да билип алды.

Саат он экиде алар үйлөрүнө кайтышты. Жолду катар Арстан:

– Ата, мен мыкты окуп, чоңойгондо сөзсүз бизнесмен болом. Апам экөөңдү дүйнөнү кыдырата саякатка алып барам, – деди.

Атасы кубанганынан Арстандын маңдайынан өөп:

– Эңсеген максатыңа жет, уулум! – деди көзүндөгү кубаныч жаштарын жашырып.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Атасы мүлкtү көрсөтөм деп, уулуна эмнени көрсөттү?
2. Алар эмне өстүргөн ишкерлер экен?
3. Мүлк дегенди түшүндүңбү?
4. Бала келечекте ким болууну каалайт?
5. Силер да ата-энеңер менен ким болуу жөнүндө сүйлөштүңөр беле?

**«Сөздөн сөз жаса» оюну.**

Т А М А Р К А

Тексттеги сан атоочторду тап, аларга суроо бер.

**Төмөнкү сөздөрдү катыштырып сүйлөм түз. Сан атооч сөздөргө суроо бер.**

Жыйырма алты, жети, он беш, жетимиш, жүз.

## ЖЕТИ КАЗЫНА



**Сүрөттөргө көңүл бур. Суроолорго жооп бер.**



уй



тоок



бал аары



жибек курту



майжубаз



тегирмен



токой

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. **Сен казына дегенде эмнени түшүнөсүң?**
2. **Сүрөттөгү нерселерди казына деп атоого болобу?**
3. **Сенин оюңча, уйга карата эмне үчүн казына дейилет?**
4. **Тооктун эмнеси казына?**
5. **Бал аары эмне үчүн казына?**
6. **Жибек курту да казынабы? Эмне үчүн?**
7. **Майжубазчы?**
8. **Тегирменчи?**
9. **Токой да казынабы? Эмне үчүн?**

**Сүрөттөгү нерселердин казына экендигин түшүндүр жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түз.**

Мисалы: Уй бизге сүт, май, каймак, айран, эт берет. Анын берген азыктары ден соолукка өтө пайдалуу.

## СҮТТӨН ЭМНЕ ЖАСАЛАТ?







«Уйдун сүтү – тилинде»
Деген сөз бар элимде.
Сүттөн элим ар түркүн
Азык алат бу күндө.

СҮТтү бир деп оболу,
МАЙды эки деп коёлу.
СҮЗМӨ, КАЙМАК, КАМ КАЙМАК
Кошулса беш болобу?






Кыргыз уулу дегидей,
Малды сүйгүн жерибей.
ЖУУРАТ ичип ныксырап,
Жедиң беле ЭЖИГЕЙ?



Тойсоң келгин тобоңо,
Кыңыр ишке жолобо.
ЧӨБӨГӨГӨ чоң тоюп,
Жедиң беле ОЛОБО?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сүттүү кылган биз жакты,
Эстей жүргүн кыштакты.
Кайдан, кантип алынат,
Билесиңби БЫШТАКТЫ?

Тойгузуп чөп гүлүнө,
Уй кармасаң үйүңө.
Агартасың өпкөңдү
АЙРАН ичип күнүгө.

АК – дары, – деп байкасаң,
Айткан элиң капкачан.
Көнөчөккө ачытып,
КӨӨРЧӨК ич чаңкасаң.

Түгөнбөгөн гүл азык,
КУРУТ алсаң кургатып.
Эсиң болсо, малды сүй,
Мал нап берет жыргатып.

*Эсенгул Ибраев*



1. **Эмне үчүн уйду жети казынанын бири дешет?**
2. **Уй бизге эмнелерди берет экен?**
3. **Ырда айтылган нерселерди жеп көргөнсүңбү?**
4. **Эжигей качан жасалат?**
5. **Курут кантип жасаларын билесиңби?**

**Төмөнкү суроолорго туура жоопту танда.**

| | |
|---|---|
| Сүттөн каймак жасалат. | Туура<br>Туура эмес |
| Курут каймактан даярдалат. | Туура<br>Туура эмес |
| Эжигей уйдун ууз сүтүнөн жасалат. | Туура<br>Туура эмес |
| Уйдун айранынан кымыз даярдалат. | Туура<br>Туура эмес |
| Быштак сүткө айран кошулуп даярдалат. | Туура<br>Туура эмес |
| Айран бышкан сүткө уютулат. | Туура<br>Туура эмес |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсептик сан заттын санын, эсебин билдирип, канча? нече? деген суроого жооп берет.**

**Түшүп калган сандарды жазып, сүйлөмдү толуктап жаз.**

Биздин фермада ... уй, ... кой, ... ... эчки, ... жылкы, ... тоок бар.

Фермада ... адам эмгектенет. Уйлар бир күндө ... ..., ... литр сүт берет. Фермадагы жаныбарлар үчүн ... тонна жем даярдайбыз.

**Колдонулуучу сөздөр:** он, элүү, бир жүз кырк, жыйырма, жүз, төрт, он беш, жыйырма, отуз.

## БАЛ ААРЫНЫН СЫРЫ





Балды жакшы көрбөгөн адам чанда чыгар. Анын бал челектериндеги балга толтурулган мом уялардан алынары да баарыбызга белгилүү. Бал челектерге балды бал аарысы жыйнайт.

Гүлдүн бир килограмм бал болуучу ширесин жыйноо үчүн бал аары 300 миң километрдей аралыкка учуп, 19 миң гүлгө конушу керек. Демек, ал бир нече килограмм бал жыйноо үчүн миллиондогон километр аралыкка учат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Бул ишти бир эле аары аткара албайт. Бал челектеги аарылар жумушчу, энелик, карool сыяктуу кызматтарга бөлүнөт. Ар бир аары өз милдетин аткарганда гана уяга кирүүгө акылуу болот. Аарылар бири-бири менен бийлөө аркылуу сүйлөшүшөт.

*«Кырчын» журналы*

**1. Бал аарыны эмне үчүн жети казынага кошушкан?**
**2. Бал аары бир килограмм бал жыйноо үчүн канча эмгек кылат?**
**3. Бал аарылар жөнүндө кандай мультфильмдерди билесиң?**
**4. Балдын ден соолук үчүн кандай дарылык касиети бар?**

Тексттеги сан атоочторду айтып бер.

Төмөнкү сүрөттүү сүйлөмдөрдү көчүрүп жаз.

 ар түрдүү гүлдөрдөн шире топтойт.  ширесинен таттуу  алынат.  ден соолукка абдан пайдалуу.  түсү сапсары болот.   кышында жакшы карайт.

**Төмөнкү сандарды сөз менен жаз.**
2022, 2013, 95, 187, 65, 254.


## «ТҮЛКҮ МЕНЕН ААРЫ» жомогу

I

Бир күнү Түлкү менен Аары экөө жолугушуп калат. Түлкү:

– Аары, кел экөөбүз достошолу, – дейт

– Достошконго убакытым жок, гүлдөр соолуп калса, бал чогулта албай калам, – деп Аары каршы болот.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Бардык жомоктордо мени куу, митаам, анткор дегендеринен улам качып атсаң керек. Ырас, мурда ошондой болчумун, эми анын бардыгын таштадым, сендей иштемчил, чынчыл болоюн деп чечтим.

– А эмне үчүн анттиң? – деди Аары бир паска токтой калып, ормоё карап.

– Калп айтпай, кууланбай оокат кылсаң, барктуу болот экенсиң. Куу, митаам деген сөздөрдөн жадап кеттим.

Аары дагы бир азга ойлоно түшүп:

– Менден башкалар деле толуп жүрүшпөйбү, алар менен эмнеге достошподуң? – деп сурады.

– Сенин эмгекчилдигиңди, чынчылдыгыңды жактырам, сендей болгум келет. Сен мени үйрөт. Айтканыңды айткандай аткарам.

– Мейли, достошсо, достошолу, – деп Аары экөө чыпалак алышты.

Ошондон баштап экөө дос болушту. Аары кечке жаны жай албай, бал чогултуп, кечинде чарчап, суй жыгылып уктап калат. Таң ата кайра бал чогултканы кетет. Түлкү болсо аары чогулткан балды кайтарып, үйдө калат. Аарынын алыстап кеткенин көргөндөн кийин балдан кичине жесем билип коюптурбу деп ойлоп, бир аз жеп, даамын алган соң өзүн кармана албай, табактагы балдын бардыгын жеп салат.

Кечинде Аары келгенде:

– Сен апкелген бал табакка батпай төгүлүп калат экен деп, турнадан чоң көнөчөк сурап келип, кышкыга азык болсун деп ошого куюп, эч кимге көргөзбөй оро казып көмүп койдум, – дейт.

– Абдан жакшы болуптур, досум, – деп Аары сүйүнүп калат. – Оро казып, чарчаган турбайсыңбы анда?

– Кышкыга оокат керек, чарчадым деп жатып алганда болбойт да.

Аары досунун бул айтканына, жасаган ишине аябай ыраазы болду. Түлкү менен мурда эле мамиле түзгөндө болмок экен деп ойлоду. Ошентип, Аары күндө бал чогултуп, табакка куят, ал кеткенден кийин Түлкү жеп алып, ныксырап уктайт. Аары келерде туруп, балды көнөчөккө куюп, орду кайра көмгөн неме болуп, башы-көзүнө топурак сүйкөп, чарчаган түр көрсөтүп туруп калат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Түлкү аарыны кантип дос болууга көндүрдү?
2. Чыпалак алышып достошту дегенди кандай түшүндүң?
3. Түлкү убадасында турдубу?
4. Аары эмне үчүн түлкүнүн бардык сөзүнө ишенди?
5. Түлкүнүн жалганы чыгып калса, эмне болот деп ойлойсуң?

**Иреттик сан заттын катарын билдирип, канчанчы? неченчи? деген суроого жооп берет. Иреттик сан эсептик санга -ынчы мүчөсү жалганып жасалат.**
Мисалы: онунчу мектеп, 3-класс.

**Төмөнкү эсептик сан атоочторду иреттик сан атоочторго айландырып жаз.**

Сегиз, он жети, жетимиш, отуз, эки миң, үч жүз жети.





**II**

Арадан көп күн өтөт. Күз жакындап, гүлдөрдүн таажылары түшүп, бал чогултуу кыйын болуп калды. Бирок Аары таңдан кечке тынбай ойду-тоону аралап, бал жыйнаганын улантты. Алып келген балы мурдагыдай болбой, улам азайып, Түлкүнүн жумуруна жук болбой калды.

– Күз келип, гүлдөр урук байлады, бал түгөндү, эми биз да кыштын камын көрүшүбүз керек, – деди Аары бир күнү.

– Антпесек болбойт, – деп Түлкү кошумчалады.

– Чогулган балды ородон алып чыгып, үйгө алып келип коёлу, – деди Аары.

– Ошентели, мен барып казып, көнөчөктү алып келейин, – деп Түлкү колуна күрөк алып, короого чыгып, бир жерди казымыш болуп, кайра антаңдап жүгүрүп келди да: – Досум, көнөчөктү кимдир бирөөлөр уурдап кетиптир! – деди шашкалактап.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Анан Аарыны ээрчитип барып, баягы казган жерин көрсөттү.

– Терең казсаң болмок экен, – деди Аары.

– Абдан терең казгам, бирөөлөр көрүп калса керек, – деп Түлкү башын чайкап, капаланган түр көрсөтүп, кабагын түйдү. – Эми кышында канттик? – деп ыйлап жиберди.

– Кой, досум, ыйлаба, – деп Аары аны аяп кетти. – Менин көп досторум бар, алар бизди талаага таштабас, мен сүйлөшүп көрөйүн, – деди Аары чын пейилден

– Ошент, анда тезирээк сүйлөш. – Түлкүнүн карды ачып турган, оозуна балдын даамы келип, шилекейин жутуп, жаланып алды.

Аары Түлкүнү ээрчитип алып досторуна келип, болгон окуяны айтты эле, достору экөөнү тең үйгө кийрип, жаңы достуу болгондоруна сүйүнүштү.

Түлкү ичинен кымылдап, аарыларга ыраазылыгын кайра-кайра айтты. Ошо менен алар бирге жашап калды.

Күндөрдүн биринде акыркы ирет бал чогултуп келген аары кампаны ачып, бал азайып калганын көрөт. Анан күзөтчү аарылар балды бирөөлөр жеп жүргөнүн эч кимге айтпай, ууруну кармамакчы болуп, аңдууга алышат.

Түн ортосу ооп, аарылардын бардыгы уйкуга кеткенде Түлкү акырын туруп, шырп алдырбай басып, адатынча кампага кирип, балга тилин тийгизгенде, күзөтчү аарылар тилин, тумшугун, көзүн чагып салышат. Анан аарылардын бардыгы ойгонуп, ызы-чуу түшүп, ууру Түлкүнү талап салышат.

Түлкүнүн башы-көзү, тумшугу шишип, тили оозуна батпай салаңдап, араң качып кутулат. Түлкүгө дос Аары баягы көнөчөктөгү балды ким уурдаганын ошондо түшүндү. Бул окуядан кийин экөөнүн достугу ажырап, Түлкү Аарынын уюгуна жолобой качып жүрөт.

1. **Түлкү дагы кандай жалгандарды ойлоп тапты?**
2. **Аарыны кандай деп ойлойсуң? Ушунчалык да ишенчээк болобу?**
3. **«Кыңыр иш кырк күндө билинет» деген макалдын бул жомокко кандай тиешеси бар?**
4. **Түлкүнүн ууру экенин билген аарылар эмне кылышты?**
5. **Сен түлкүгө кандай жаза берет элең?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түлкү менен аарыга иретти билдирген сөздөрду катыштырып, сүйлөм түз.

## БУУДАЙ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК





Илгери-илгери буудайдын бир даны жерге түшүп калып өнөт. Ага суу жетпей суусайт. Жанына кандайдыр бир чөп өсүп алып, тамырына чырмалып, топурактагы сууну жана азыкты бербей, шимире берет. Ошентип, буудай алсырап, куурап, жерге жыгылайын деп калат.

Сылап өткөн желге, учуп өткөн кушка кайрылып жардам сурайт. Бирок алар буудайдын үнүн укпай, өз жолу менен кете беришет.

Күндөрдүн биринде адам өтүп бара жатып, буудайдын жанындагы чөптү суурup салат. Адамга ыраазычылык билдирип, буудай башын ийип таазим кылат да, кулпунуп бир аз жандана түшөт. Адам аны сугарып, бага баштайт. Буудай бой керип өсүп, дан алат. Күзүндө алтындай дандарын адамга берет. Адам аны катып коюп, ар дайым жазда эгип, эмгектенип өстүрүп, сугарып отоп, жылда түшүм ала турган болуптур.

Буудайдан ун тартып, ундан нан, май токоч, боорсок, печенье, торт жасап, балдарын багат экен.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Буудайдын данынан ун жасап алыш үчүн жаргылчакты ойлоп табышыптыр. Кийинчерээк тегирменди ойлоп чыгарышат. Жаргылчакка караганда тегирмен абдан ыңгайлуу болот, ун тезирээк жана көп тартылат. Кийинчерээк жер-жерлерде ун комбинаттары иштей баштайт.

**1. Буудай кантип пайда болгон экен?**
**2. Адам буудайга кандай жардам берди?**
**3. Буудай кантип көбөйдү?**
**4. Буудайды өстүрүү жөнүндө эмнелерди билесиң?**

Жайнак келет тайлак минип,
Тайраңдатып жайдак минип.
Тайыбаган тайгак жолдо,
Тайбастыгын жайлап билип.
Тайраңдатып келди кирип,
Жайнак билип, тайлак минип.



**«Буудай кантип ун болот?» темасында чакан аңгеме жаз. Аңгемеңде иреттик сан атоочтор катышсын.**



**Сан атоочторго зат атоочторду кошуп жаз.**

| | |
|---|---|
| сексен – | жүзүнчү – |
| эки миң – | эки-экиден – |
| ондой – | он биринчи – |
| көптөгөн – | элүү үчүнчү – |

## ТЕГИРМЕН

Биздин айылда илгери жалгыз тегирмен боло турган. Аны көзү өткөнчө Сатымкул абам кармады. Ал дайыма тегирмендин тетиктерине көз салып, бузулган жерин оңдоп турчу. Тегирменге суунун келишине ал ар убак маани берчү. Эл ачарчылыкка кабылган каат жылдарда бул тегирмендин элге пайдасы көп тийген.

Кат тааныбаса да, акылы тунук бул киши эсептен эч качан жаңылып койчу эмес. Тегирменге кимдин жүгү качан түштү,

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

качан тартылып бүтүш керек, канча жүк экенин ал киши так билчү. Сатымкул абамдын ишине ыраазы болгон эл өз убагы келгенде эгинин алып, ырахмат айтып кетишчү.

*«Байчечекей» журналы*

**1. Тегирмен жөнүндө эмнени билесиң?**
**2. Тегирменде эмнелерди тартат экен?**
**3. Азыр да буудайды тегирменде тартабы?**
**4. «Кат таанбаса да, эсептен эч качан жаңылып койчу эмес» дегенди кандай түшүнөсүң?**
**5. Сатымкул абага эл эмне үчүн ыраазы болушат эле?**

Экөө жүрүп турат, он экиси карап турат.

Эки колу бар төбөсүндө,
Кош колдоп айдап жүрөт аны бирөө.

**Төмөнкү макалдарды толуктап жаз.**

Билеги күчтүү ... жыгат,
Билими күчтүү ... жыгат.

Кызга ... үйдөн тыю.

... сомуң болгончо, ... досуң болсун.



## БАБА ДЫЙКАН

Сары талаа түзүндө,
Буудай бышат күзүндө.
Жер ширеси данында,
Күн иреңи* жүзүндө.
Ал буудайга эгедер*,
Баба дыйкан дегендер.
Ардакташат аларды
Ак нанынан жегендер.
Бул дүйнөдө Жер улук,
Жерди иштеткен эл улук.
Элин баккан нан менен
Баба дыйкан эр улук.

*К. Жуманазаров*

*иреңи – өңү; *эгедер – ээси.

**Ырды жаттап алгыла.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O‘quv nashri*

# ONA TILI VA O‘QISH SAVODXONLIGI

1-qism

*Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining*
*3-sinfi uchun darslik*

*(Qirg‘iz tilida)*

Редактору *Кайратбек Токтобаев*
Сүрөтчүсү *Иброхим Пулатов*
Техникалык редактору *Акмал Сулайманов*
Көркөм редактору *Сарвар Фарманов*
Дизайнер *Дилмурат Мулла-Ахунов*
Корректору *Бурулай Душанова*
Компьютерде беттеген *Шахобиддин Махмадиев*

Басууга уруксат берилди 08.04.2022. Форматы 60x84 1/8.
Arial гарнитурасы. Кегли 18 шпондуу. Офсеттик ыкмада басылды.
Шарттуу басма табагы 16,74. Эсептик басма табагы 11,74.
Нускасы ____. Буюртма № ___

Bosmaxona manzili

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага бериле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, жылбаган, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, беттери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу даражада оңдолгон. Ажыраган барактары кайра желимделген, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабасы жыртылган, бетине чийилген, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлуу даражада оңдолбогон. Барактары жыртылган, жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин кайра калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE